# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессия мезгилиндеги иши жөнүндө отчет

**(2024-жылдын сентябры – 2025-жылдын июну)**



Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин

сессия мезгилиндеги иши жөнүндө отчет

(2024-жылдын сентябры –

2025-жылдын июну)

VII чакырылыш

4-сессия

УДК 328 (575.2)
ББК 67.400.62
К 97

К 97 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин сессия мезгилиндеги иши жөнүндө отчет:
2024-2025. - Б.: 2025. - 80 б.

ISBN 978-9967-9655-2-2

ISBN 978-9967-9655-2-2
УДК 328 (575.2)
ББК 67.400.62

# МАЗМУНУ


Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Тургунбек уулу Нурланбектин кириш сөзү ........ 6

I. ДЕПУТАТТАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

Жогорку Кеңештин фракциялары/депутаттык топтору/депутаттары* ........ 8

Жогорку Кеңештин комитеттери ........ 10

Жогорку Кеңештин депутаттары ........ 12

II. ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Жогорку Кеңештин жыйналыштары ........ 14

Комитеттердин жыйналыштары ........ 14

Фракциялардын/депутаттык топтордун жыйналыштары ........ 15

Жогорку Кеңештин ишинин жыйынтыктары тууралуу маалымат ........ 16

Убактылуу депутаттык комиссиялар ........ 18

Протоколдук тапшырмалар жөнүндө маалымат ........ 20

III. ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ӨКҮЛЧҮЛҮК ИШИ

Жарандардын Жогорку Кеңешке кайрылуулары ........ 22

Жогорку Кеңештин Төрагасына кайрылуулар ........ 22

Комитеттерге региондордон келип түшкөн кайрылуулар жөнүндө маалымат ........ 24

Фракцияларга/депутаттык топторго/депутаттарга* жарандардын кайрылуулары ........ 26

Депутаттардын шайлоочулар менен жолугушуулары жана жарандарды кабыл алуусу ........ 30

Депутаттык суроо-талаптар ........ 32

Жогорку Кеңештин ишин чагылдыруу ........ 34

Жогорку Кеңеш социалдык тармактарда ........ 35

Жогорку Кенешке экскурсиялар ........ 35

IV. ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН МЫЙЗАМ ЧЫГАРУУ ИШИ

Мыйзам долбоорлору тууралуу маалымат ........ 36

Мыйзам долбооруна экспертиза жүргүзүү ........ 36

Комитеттер тарабынан каралган мыйзам долбоорлору ........ 37

Парламенттик угуулар ........ 38

Кабыл алынган мыйзамдар тууралуу маалымат ........ 39

Кыргыз Республикасынын Президентине жөнөтүлгөн мыйзамдар ........ 39

Жогорку Кеңештин токтомдору жөнүндө маалымат ........ 39

Кабыл алынган мыйзамдар жөнүндө кыскача маалымат ........ 40

V. ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КОНТРОЛЬ ЖҮРГҮЗҮҮ ИШИ

Мыйзамдардын жана токтомдордун аткарылышын контролдоо ........ 64

Ар жылдык отчеттор жана баяндамалар жөнүндө маалымат ........ 65

VI. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ

Жогорку Кеңештин парламенттер аралык кызматташтыгы ........ 66

Жогорку Кеңештин Төрагасынын чет өлкөлүк делегациялар менен жолугушуулары ........ 67

Жогорку Кеңештин парламенттер аралык уюмдар менен кызматташтыгы ........ 67

Кыргыз Республикасында болуп өткөн иш-чаралар ........ 68

Жогорку Кеңештин Төрагасынын расмий жана жумушчу сапарлары ........ 68

VII. КОНСУЛЬТАТИВДИК КЕҢЕШТЕРДИН ЖАНА ИЗИЛДӨӨ БОРБОРУНУН ИШИ

Консультативдик кеңештердин иши ........ 70

Изилдөө борборунун иши ........ 73



**Тургунбек уулу Нурланбек**
Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин Төрагасы

VII чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин IV сессиясы да ийгиликтүү жыйынтыкталды. Албетте бул сессиябыз дагы олуттуу окуялар, маанилүү иш-чаралар менен эсибизде калды.

Кыргыз парламенти мамлекетибиздин мыйзамдык базасын чыңдоого, Туруктуу өнүгүүнүн Улуттук стратегиясында каралган программалык милдеттерди ишке ашырууга аракет кылып, калыптанган саясий системасы бар, экономикасы кыймылдуу өнүгүп жаткан жана калкынын кирешелери ырааттуу өсө баштаган өлкөнү курууга өзгөчө көңүл бурдук.

Ошону менен катар элдин кызыкчылыгын коргоп, шайлоочулардын үнүн астейдил, так чагылдыруу менен өз ыйгарым укуктарыбызды толук аткарууга умтулуп келдик. Анткени биздин башкы максат Конституциянын талаптарына ылайык, мамлекетке керектүү мыйзамдарды кабыл алып, анын аткарылышын көзөмөлдөө жана элдин үнүн бийик трибунада жеткирүү.

Мындан тышкары, парламенттик дипломатияны пайдалануу менен мамлекеттер аралык байланыштарды чыңдоо боюнча да алгылыктуу иштер жасалды. Казакстандын, Түркиянын, Россиянын жана Кытайдын парламент жетекчилери Кыргызстанга расмий сапар менен келип, парламенттер аралык эле эмес, мамлекеттер ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө тиешелүү негизги маселелер талкууланды. Ушундай эле максатта расмий сапар менен Жогорку Кеңештин делегациясы бир катар өлкөлөргө барып келди. Анткени, парламенттик дипломатия өлкөлөр ортосундагы алаканы чыңдоонун башкы куралы болуп эсептелет.

Ооба, эл арасында парламенттин ишине байланыштуу ар кандай пикирлер, негиздүү да, негизсиз да сындар айтылып келе жатканы жашыруун эмес. Бирок Жогорку Кеңеш алсырап калды, акыбалы мурдагыдай эмес дегендерге кошула

албайт. Себеби, мамлекеттеги маанилүү маселелердин бардыгы депутаттардын кароосунан өтмөйүнчө чечилбейт. Кандай программа, кандай мыйзам долбоору болбосун парламент кабыл албаса, ал ишке ашпайт жана колдонулбайт. Өлкөдө жүргүзүлүп жаткан реформалардын бардыгы эл өкүлдөрү иштеп чыккан мыйзамдардын жана эрежелердин негизинде болууда. Муну Президентибиз да баса белгилеп, кыргыз парламенти жаңы Кыргызстанды курууда чоң роль ойноп жатканын айтып келет.

Албетте айрым адамдардын жана ар кандай саясий топтордун негизсиз сындарына теригүүнүн кереги жок. Бизге алардын айткан сыны эмес, жалпы калктын берген баасы маанилүү.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай, азыркы парламенттин ыйгарым укуктары жетиштүү жана Жогорку Кеңеш бүгүн да күчтүү. Бирок бизге ынтымак керек. Бардык бийлик бутактары бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, мамлекетибиздин келечеги үчүн иштеп жатабыз. Албетте, айрымдар каалагандай, парламентте саясий оюндарды уюштуруп, бийик трибунаны интригага пайдаланып, бийлик бутактарын тирештирип коюш оңой нерсе. Аны кылыш азыркы чакырылыштагы депутаттардын да колунан келет. Бийлик бутактары ар кандай саясий талаштардын капшабында калып, экономикабыз артка кеткен учурларды да баштан өткөргөнбүз. Бирок биз аны каалабайбыз. Бийлик баарыбызга жетет. Туруктуулук менен гана мамлекетибиздин алдыга жылышына кызыкдарбыз.

Азыр биз өлкөнүн өнүгүшүнө багытталган демилгелерди дароо колдоого алып, керектүү иштерди ыкчам жана тез жүргүзүү ыкмасына өттүк. Саясий оюндардан алыс болуп, жеке амбицияларыбызды артка калтырып, мамлекеттик кызыкчылык үчүн иштеп жатабыз. Натыйжада бийлик бутактарында туруктуулук орноп, өлкөбүздө ири реформалар ишке ашырылууда. Ошондой эле акыркы төрт жыл аралыгында өлкө экономикасы туруктуу өнүгүү жолуна түшүп, быйылкы жылдын алгачкы алты айындагы эле көрсөткүч былтыркы жылдын ошол мезгилине салыштырмалуу 12%ды түзүүдө. Социалдык мекемелердин курулуштары активдүү жүргүзүлүп, көптөгөн инфраструктуралык долбоорлор жасалууда. Мындан тышкары, айлык маяналар, жөлөк пул жана пенсиялар жогорулатылып, сезилерлик деңгээлде көтөрүлүүдө. Буйруса, жакынкы аралыкта мугалимдердин жана дарыгерлердин айлыгы кайрадан көбөйтүлгөнү турат.

Жалпысынан жыйынтыкталып жаткан сессиябызда 70 жыйналыш өтүп, жалпы 250гө жакын мыйзам долбоору кабыл алынды. Анын ичинен Жер кодекси, Суу кодекси, Эмгек кодекси, Санарип кодекси сындуу маанилүү мыйзам актыларын кабыл алууга жетиштик.

Мындан тышкары, чек араны тактоого байланышкан чечимдер мамлекеттер аралык мамилени бекемдөөгө жана жалпы чөлкөмдөгү тынчтыкты камсыз кылууга чоң салым кошту. Андыктан Жогорку Кеңештин азыркы чакырылышынын аталган маселеге кошкон үлүшү чоң. Биз мамлекетибиздин бүтүндүгү жана келечегибиздин кепилдиги үчүн чек ара маселесине чекит койдук. Ошондой эле, эне тилибизге тиешелүү маанилүү мыйзамдарды кабыл алууга биз аваз кылып, суктанган айрым чакырылыштагы депутаттардын да эрки жеткен эмес. Ушул жетинчи чакырылыш гана мамлекеттик тилге байланышкан конституциялык мыйзамды кабыл алдык.

Биздин дагы бир артыкчылыгыбыз – ишибиздин ачык-айкындуулугу. Кыргыз парламенти демократиялык принциптерди бекем кармангандыгы менен коңшу мамлекеттердин парламенттерине эле эмес, дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүнүн мыйзам чыгаруу органдарына да үлгү болуп келет. Жалпы жыйындар гана эмес, фракциялардын жана комитеттердин отурумдары да түз эфирде көрсөтүлүп турат. Мындай мүмкүнчүлүк бизди сындаган айрым демократиялык өлкөлөрдө да жок. Муну менен сыймыктанышыбыз керек.

Биз мындан ары ушул ыргагыбыздан жазбай, жигердүү иш алып баруубуз зарыл. Күчтүү президент, күчтүү парламент принцибине таянып, адилеттүү сот бийлигин да түзүүгө умтула беришибиз кажет. Ынтымак, биримдик жана талыкпаган эмгек менен коюлган максаттарыбызга жетерибизге ишенем!

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ФРАКЦИЯЛАРЫ/ ДЕПУТАТТЫК ТОПТОРУ/ ДЕПУТАТТАРЫ*

«Ата-Журт Кыргызстан» фракциясы – 20 депутат, алардын ичинде бир мандаттуу округдардан 5 депутат

«Ишеним» фракциясы – 12 депутат

«Ынтымак» фракциясы – 9 депутат

«Альянс» фракциясы – 8 депутат, алардын ичинде бир мандаттуу округдан 1 депутат



«Бүтүн Кыргызстан» фракциясы – 6 депутат

«Ыйман Нуру» фракциясы – 5 депутат

«Мекенчил» депутаттык тобу – бир мандаттуу округдардан 16 депутат

«Элдик» депутаттык тобу – бир мандаттуу округдардан 9 депутат

Депутаттар*



* № 20 бир мандаттуу округдан
№ 21 бир мандаттуу округдан
№ 25 бир мандаттуу округдан
№ 27 бир мандаттуу округдан
№ 28 бир мандаттуу округдан

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КОМИТЕТТЕРИ

| | Ата-Журт Кыргызстан | Ишеним | Ынтымак | Альянс |
|---|---|---|---|---|
| Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | ○ ○ | ○ ◉ | | ○ |
| Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет | ○ ◉ ○ | ○ | ○ | ○ |
| Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | ○ ○ ○ | ○ | ○ | ○ |
| Социалдык саясат боюнча комитет | ○ ○ | ○ ○ | ○ ○ | ○ ○ |
| Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет | ○ ○ | ○ | | ○ |
| Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | ○ ○ ○ | ○ ○ | ○ ◉ | ○ |
| Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | ○ ○ ○ ○ ○ | ○ | ○ ○ | ○ ○ ○ |
| Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | ○ ○ | ○ ◉ | ○ | ○ |

| Бүтүн Кыргызстан | Ыйман Нуру | Мекенчил | Элдик | Бир мандаттуу округ | Бардык депутаттар |
|---|---|---|---|---|---|
| ○ | ○ | ○ | ○ ○ | ○ № 20 | 11 |
| ○ | ○ | ○ ○ ○ | ○ ○ | | 13 |
| ○ | ○ | ○ | ○ ◉ ○ | | 12 |
| ○ | ◉ | ○ | | | 11 |
| ○ | ○ | ◉ ○ | ○ | ○ № 25 | 10 |
| ○ | ○ | ○ ○ ○ | | ○ № 21 | 14 |
| ○ | ○ | ○ ◉ ○ | ○ | ○ № 28<br>○ № 27 | 19 |
| ○ | ○ | ○ | | | 9 |

◉ Комитеттин төрагасы ○ Комитеттин мүчөлөрү

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ

### Билими



**6**

**депутат**
окумуштуу даражасына ээ

**90**


**депутат**
жогорку билимдүү

### Шайланганга  чейинки иш чөйрөлөрү


| | |
|---|---|
| Мамлекеттик/ муниципалдык кызмат | 45 |
| Билим берүү, саламаттык сактоо, маданият | 11 |
| Бизнес | 25 |
| Башка түрү | 9 |

## Гендер жана жаш курагы боюнча

### 70 депутат




### 20 депутат




## Фракция/депутаттык топ/ депутаттар* боюнча

| | | |
|---|---|---|
| 15 | Ата-Журт Кыргызстан | 5 |
| 8 | Ишеним | 4 |
| 6 | Ынтымак | 3 |
| 5 | Альянс | 3 |
| 4 | Бүтүн Кыргызстан | 2 |
| 3 | Ыйман Нуру | 2 |
| 16 | Мекенчил | |
| 9 | Элдик | |
| 1 | № 20 | |
| 1 | № 21 | |
| 1 | № 25 | |
| | № 27 | 1 |
| 1 | № 28 | |

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ЖЫЙНАЛЫШТАРЫ

ӨТКӨРҮЛДҮ:

**70** Кезектеги жыйналыш

**7** Жабык жыйналыш

## КОМИТЕТТЕРДИН ЖЫЙНАЛЫШТАРЫ

| | Кезектеги | Кезексиз | Көчмө |
|---|---|---|---|
| Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 31 | 19 | 1 |
| Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет | 31 | 7 | 1 |
| Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 28 | 5 | 3 |
| Социалдык саясат боюнча комитет | 22 | 6 | 26 |
| Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет | 33 | 2 | 1 |
| Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 27 | 5 | 3 |
| Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 34 | 6 | - |
| Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 27 | 3 | 1 |

| | Кезектеги | Кезексиз | Кечмө |
|---|---|---|---|
| АТА-ЖУРТ КЫРГЫЗСТАН | 8 | 148 | 2 |
| ИШЕНИМ саясий партиясы | 5 | 90 | 1 |
| ЫНТЫМАК саясий партиясы | 105 | 44 | 6 |
| АЛЬЯНС | 11 | 39 | 4 |
| БҮТҮН КЫРГЫЗСТАН | 6 | 52 | 4 |
| ЫЙМАН НУРУ | 8 | 51 | 2 |
| МЕКЕНЧИЛ депутаттык тобу | 8 | 139 | 2 |
| ЭЛДИК депутаттык тобу | 5 | 111 | - |

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

**11 145**

Жарандардын каралган кайрылуулары

**1 018**

Кабыл алынган токтомдор

**2 348**

Юридикалык жактардын каралган кайрылуулары

**317**

Кабыл алынган протоколдук тапшырмалар

**15 819**

Шайлоочулар менен өткөрүлгөн жолугушуулар жана кабыл алуулар

**8**

Ар жылдык отчеттор жана баяндамалар

**248**

Кабыл алынган мыйзамдар

**57**

Парламенттер аралык кызматташтыктын алкагында өткөрүлгөн жолугушуулар

**13**

Тегерек стол

**11**

Семинар

**5**

Конференция


КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫ

# УБАКТЫЛУУ ДЕПУТАТТЫК КОМИССИЯЛАР

**Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузууларды иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө (КР ЖКнын 2024-ж. 3-апрелиндеги № 1956-VII токтому)**

ТҮЗҮЛГӨН
2024-ж. 3-апрели

АЯКТОО МӨӨНӨТҮ
2025-ж. 3-октябры

Төрага: Бакасов У.Б. – «Мекенчил» депутаттык тобунан;
Төраганын орун басары : Самаков К.К. – «Элдик» депутаттык тобунан;
Комиссиянын курамы: Култаева Г.О. – «Ата-Журт Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;
Мураталиев М.М. – «Ишеним» парламенттик фракциясынан;
Маматалиев М.А. – «Ынтымак» парламенттик фракциясынан;
Молдобекова Г.С. – «Альянс» парламенттик фракциясынан;
Масалиев И.А. – «Бүтүн Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;
Айжигитов С.А. – «Ыйман-Нуру» парламенттик фракциясынан.

**«Айыл Банк» ачык акционердик коому тарабынан фермерлерге жана ишкерлерге кредиттин берилиши жөнүндө маселени иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө (КР ЖКнын 2024-ж. 26-июнундагы № 2278-VII токтому)**

ТҮЗҮЛГӨН
2024-ж. 26-июну

КР ЖКнын 2025-ж. 4-апрелиндеги № 3039-VII
ТОКТОМУ КАБЫЛ АЛЫНГАН

Төрайым: Абдибаева А.Н. – «Ишеним» парламенттик фракциясынан;
Төрайымдын орун басары : Зулпуев С.М. – «Ата-Журт Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;
Комиссиянын курамы: Мажитова Ш. – «Ынтымак» парламенттик фракциясынан;
Исираилов А.А. – «Альянс» парламенттик фракциясынан;
Токтошев Э.Т. – «Бүтүн Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;
Мамасадыков З.Д. – «Ыйман Нуру»парламенттик фракциясынан;
Атажанов Ы.Ы. – «Мекенчил» депутаттык тобунан;
Самыйкожо М. – «Элдик» депутаттык тобунан;
Сурабалдиева Э.Ж. – № 27 Биринчи май шайлоо округу.

**КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсмендин) кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча КРнын Улуттук борборунун Координациялык кеңешинин мүчөлөрүн шайлоонун мыйзамдуулугун жана директорун шайлоонун легитимдүүлүгүн текшерүү боюнча КР ЖКнын убактылуу комиссиясын түзүү жөнүндө (КР ЖКнын 2024-ж. 30-октябрындагы № 2498-VII токтому)**

ТҮЗҮЛГӨН
2024-ж. 30-октябры

КР ЖКнын 2025-ж. 2-апрелиндеги № 2954-VII
ТОКТОМУ КАБЫЛ АЛЫНГАН

Төрага: Самаков К.К. – «Элдик» депутаттык тобунан;
Төраганын орун басары : Талиева К.А. – «Ата-Журт Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;
Комиссиянын курамы: Алиев М.К. – «Ишеним» парламенттик фракциясынан;

Комиссиянын курамы:
- Тентишев Б.Э. – «Ынтымак» парламенттик фракциясынан;
- Алимжанова Н.Я. – «Альянс» парламенттик фракциясынан;
- Раимбачаева В.К. – «Ыйман Нуру» парламенттик фракциясынан;
- Калпаев Б.А. – «Мекенчил» депутаттык тобунан.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорлоруна карата Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары тарабынан сунушталган түзөтүүлөрдүн кабыл алынышын иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө (КР ЖКнын 2025-ж. 5-февралындагы № 2778-VII токтому)**

ТҮЗҮЛГӨН
2025-ж. 5-февралы

КР ЖКнын 2025-ж. 6-мартындагы № 2879-VII
ТОКТОМУ КАБЫЛ АЛЫНГАН

Төрага: Нышанов Дж.Д. – «Ата-Журт Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;

Төраганын орун басары : Мураталиев М.М. – «Ишеним» парламенттик фракциясынан;

Комиссиянын курамы:
- Түлөбаев Б.З. – «Ынтымак» парламенттик фракциясынан;
- Айдарбеков Ч.А. – «Альянс» парламенттик фракциясынан;
- Токтошев Э.Т. – «Бүтүн Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;
- Айжигитов С.А. – «Ыйман Нуру» парламенттик фракциясынан;
- Калпаев Б.А. – «Мекенчил» депутаттык тобунан;
- Малиев А.К. – «Элдик» депутаттык тобунан;
- Джумабеков Д.А. – № 20 Манас бир мандаттуу шайлоо округу боюнча.

**«Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө», «Кыргыз Республикасында өзгөчө баалуу (жаңгак жана арча) дарактар породаларын кыюуга, ташууга, сатып алууга жана сатууга, даярдоого жана пайдаланууга, экспорттоого тыюу салуу жөнүндө», «Кыргыз Республикасында жаңгак плантацияларын өстүрүү жөнүндө» КРнын мыйзамдарынын аткарылышын иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү тууралуу (КР ЖКнын 2025-ж. 26-июнундагы № 3340-VII токтому)**

ТҮЗҮЛГӨН
2025-ж. 26-июнунда

АЯКТОО МӨӨНӨТҮ
2025-ж. 27-ноябры

Төрайым: Талиева К.А. – «Ата-Журт Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;

Төрайымдын орун басары : Ормонов У.З. – «Ишеним» парламенттик фракциясынан;

Комиссиянын курамы:
- Түлөбаев Б.З. – «Ынтымак» парламенттик фракциясынан;
- Айдарбеков Ч.А. – «Альянс» парламенттик фракциясынан;
- Токтошев Э.Т. – «Бүтүн Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;
- Муратбеков Т.М. – «Ыйман-Нуру» парламенттик фракциясынан;
- Алтынбеков А. – «Мекенчил» депутаттык тобунан;
- Нурбаев Ж.П. – «Элдик» депутаттык тобунан.

# ПРОТОКОЛДУК ТАПШЫРМАЛАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

| Аткарылган | Аткарылууда | |
|---|---|---|
| 5 | 4 | Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет |
| 9 | 5 | Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет |
| 18 | 33 | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет |
| 33 | 17 | Социалдык саясат боюнча комитет |
| 4 | 4 | Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет |
| 64 | 28 | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет |
| 38 | 36 | Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет |
| 13 | 6 | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет |



## ЖАРАНДАРДЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| | Төрагага | Фракцияларга/ депутаттык топторго / депутаттарга* | Комитеттерге | Кайрылуулардын жалпы саны |
|---|---|---|---|---|
| Кайрылуулардын жалпы саны | 1088 | 8475 | 1582 | 11145 |
| Анын ичинен электрондук түрдө | 111 | 961 | 111 | 1183 |

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА КАЙРЫЛУУЛАР







| | | % |
|---|---|---|
| Бишкек ш. | 294 | 26 |
| Чүй облусу | 207 | 19 |
| Ош облусу | 129 | 12 |
| Жалал-Абад облусу | 100 | 9 |
| Баткен облусу | 96 | 9 |
| Нарын облусу | 90 | 8 |
| Ысык-Көл облусу | 76 | 7 |
| Талас облусу | 88 | 8 |
| Башка мамлекеттер | 8 | 1 |
| ЖАЛПЫ | 1088 | |









**Жогорку көрсөткүч** — Төмөнкү көрсөткүч



- 2023-ж.
- 2024-ж.
- 2025-ж.
400
300
200
100
0
62
95
69
67
81
93
284
55
25
87
68
64
295
299
289
378
66
402
108
80
70
59
67
70
139
61
6
Саламаттыкты сактоо
Айыл чарба жана экология
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу
Билим берүү, илим, маданият, спорт
Экономика
Мыйзамдуулук жана укук тартиби
Калкты социалдык коргоо
Турак жай маселелери
Башка маселелер

## КОМИТЕТТЕРГЕ РЕГИОНДОРДОН КЕЛИП ТҮШКӨН КАЙРЫЛУУЛУАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

| |  Бишкек ш. |  Чүй облусу |  Ош облусу |
|---|---|---|---|
| Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 164 | 30 | 43 |
| Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет | 17 | 7 | 10 |
| Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 92 | 19 | 29 |
| Социалдык саясат боюнча комитет | 127 | 38 | 37 |
| Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет | 35 | 20 | 22 |
| Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 66 | 11 | 15 |
| Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 89 | 6 | 74 |
| Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 192 | 29 | 65 |
| **ЖАЛПЫ** | **782** | **160** | **295** |
| **ЖАЛПЫ КАЙРЫЛУУЛАРДЫН ИЧИНДЕГИ ҮЛҮШҮ** |  49% |  10% |  19% |

| Жалал-Абад облусу | Баткен облусу | Нарын облусу | Ысык-Көл облусу | Талас облусу | Башка өлкөлөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 16 | 8 | 5 | 20 | 5 | 3 |
| 3 | 2 | 1 | 1 | 1 | 17 |
| 16 | 3 | 2 | 5 | 6 | - |
| 19 | 6 | 7 | 15 | 8 | 1 |
| 18 | - | - | - | 2 | - |
| 56 | 4 | 3 | 4 | 7 | 1 |
| 21 | - | 1 | 3 | 3 | 1 |
| 19 | 2 | 1 | 24 | 5 | - |
| **168** | **25** | **20** | **72** | **37** | **23** |



## ФРАКЦИЯЛАРГА/ДЕПУТАТТЫК ТОПТОРГО/ДЕПУТАТТАРГА* ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| | Ата-Журт Кыргызстан | Ишеним | Ынтымак | Альянс | Бүтүн Кыргызстан | Ыйман Нуру |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мыйзамдуулук жана укук тартиби | 153 | 563 | 78 | 154 | 96 | 40 |
| Экономика | 35 | 68 | 18 | 13 | 27 | 16 |
| Айыл чарбасы, экология | 58 | 84 | 18 | 13 | 19 | 10 |
| Билим берүү, илим, маданият, спорт | 68 | 129 | 41 | 34 | 20 | 100 |
| Саламаттык сактоо | 75 | 83 | 45 | 65 | 13 | 46 |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу | 49 | 99 | 21 | 56 | 8 | 5 |
| Калкты социалдык коргоо | 277 | 164 | 89 | 68 | 58 | 121 |
| Башкалар | 93 | 110 | 264 | 98 | 33 | 312 |

| Мекенчил | Элдик | № 20 | № 21 | № 25 | № 27 | № 28 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 192 | 160 | 3 | 12 | 45 | 141 | 57 |
| 51 | 36 | 5 | 3 | 15 | 20 | 1 |
| 99 | 220 | 16 | 2 | 10 | 8 | - |
| 143 | 87 | 3 | 11 | 25 | 15 | 4 |
| 123 | 87 | 3 | 5 | 15 | 55 | 15 |
| 168 | 73 | 2 | 8 | 15 | 10 | 9 |
| 184 | 1727 | 4 | 7 | 25 | 92 | 32 |
| 51 | 72 | 5 | 13 | - | 48 | 123 |

## ФРАКЦИЯЛАРГА/ДЕПУТАТТЫК ТОПТОРГО/ДЕПУТАТТАРГА* ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| | Ата-Журт Кыргызстан | Ишеним | Ынтымак | Альянс | Бүтүн Кыргызстан |
|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 174 | 398 | 124 | 206 | 67 |
| Чүй облусу | 31 | 184 | 132 | 57 | 19 |
| Ош облусу | 211 | 207 | 58 | 157 | 72 |
| Жалал-Абад облусу | 188 | 103 | 82 | 6 | 53 |
| Баткен облусу | 79 | 63 | 13 | 9 | 18 |
| Нарын облусу | 27 | 153 | 57 | 9 | 14 |
| Ысык-Көл облусу | 79 | 87 | 82 | 34 | 15 |
| Талас облусу | 11 | 95 | 13 | 16 | 7 |
| Башка мамлекеттер | 8 | 10 | 13 | 7 | 9 |

| Ыйман Нуру | Мекенчил | Элдик | № 20 | № 21 | № 25 | № 27 | № 28 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 314 | 30 | 173 | 24 | 10 | 35 | 181 | 224 |
| 72 | 31 | 1755 | 1 | 2 | 78 | 95 | 8 |
| 130 | 531 | 106 | 2 | 1 | - | 35 | 1 |
| 50 | 308 | 70 | 1 | - | - | 23 | 3 |
| - | 63 | 56 | - | - | - | 3 | - |
| 3 | 26 | 42 | - | 1 | 12 | 16 | 2 |
| 48 | 7 | 154 | 2 | 1 | 10 | 18 | 2 |
| 33 | 15 | 16 | 11 | 43 | 15 | 13 | 1 |
| - | - | 90 | - | - | - | 5 | - |

## ДЕПУТАТТАРДЫН ШАЙЛООЧУЛАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУЛАРЫ ЖАНА ЖАРАНДАРДЫ КАБЫЛ АЛУУСУ

| Шайлоочулар менен жолугушуу | | Фракциялардын/ депутаттык топтордун лидерлери | Депутаттар | Коомдук кабылдамалар |
|---|---|---|---|---|
| 46 | АТА-ЖУРТ КЫРГЫЗСТАН | 157 | 726 | 144 |
| 60 | ИШЕНИМ саясий партиясы | 280 | 993 | 162 |
| 127 | ЫНТЫМАК саясий партиясы | 400 | 806 | 73 |
| 53 | АЛЬЯНС | 573 | 983 | 190 |
| 38 | БҮТҮН КЫРГЫЗСТАН | 25 | 165 | 10 |
| 19 | ЫЙМАН НУРУ | - | 2092 | - |
| 21 | МЕКЕНЧИЛ депутаттык тобу | 291 | 1391 | 529 |
| 35 | ЭЛДИК депутаттык тобу | 235 | 1343 | 321 |
| 18 | № 20 | | 75 | 125 |
| 19 | № 21 | | 85 | 326 |
| 4 | № 25 | | 135 | - |
| 23 | № 27 | | 162 | 15 |
| 70 | № 28 | | 1983 | 473 |



## ДЕПУТАТТЫК СУРОО-ТАЛАПТАР

| | Ата-Журт Кыргызстан | Ишеним | Ынтымак | Альянс | Бүтүн Кыргызстан | Ыйман Нуру |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мыйзамдуулук жана укук тартиби | 19 | 316 | 14 | 15 | 76 | 6 |
| Экономика | 36 | 49 | 2 | 7 | 4 | 6 |
| Айыл чарбасы, экология | 41 | 37 | 3 | 4 | 23 | 4 |
| Билим берүү, илим, маданият, спорт | 9 | 53 | 3 | 24 | 19 | 18 |
| Саламаттык сактоо | 58 | 25 | 7 | 18 | 15 | 3 |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу | 16 | 70 | 8 | 33 | 5 | 5 |
| Калкты социалдык коргоо | 44 | 42 | 6 | 9 | 35 | 6 |
| Башкалар | 7 | 30 | 5 | 38 | 5 | - |

| Мекенчил | Элдик | № 20 | № 21 | № 25 | № 27 | № 28 | **БАРДЫГЫ** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 107 | 68 | 1 | 14 | 21 | 25 | - | **682** |
| 99 | 4 | 3 | 1 | 4 | 3 | - | **218** |
| 47 | 56 | 2 | 7 | 12 | 5 | 2 | **243** |
| 55 | 33 | 1 | 20 | 15 | 20 | - | **270** |
| 64 | 18 | - | 10 | 13 | 17 | - | **248** |
| 28 | 14 | - | 8 | 15 | 8 | - | **210** |
| 72 | 19 | 2 | 13 | 9 | 35 | 1 | **293** |
| 93 | 61 | 1 | 29 | 25 | 10 | 2 | **306** |

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИН ЧАГЫЛДЫРУУ

148
Туруктуу аккредиттелген журналисттер

158
Убактылуу аккредиттелген журналисттер

### Аккредиттелген ЖМКлар*

10
Телеканал

21
Маалымат агенттиктери

2
Радио

3
Басылмалар

7
Чет өлкөлүк ЖМКлар

### Жогорку Кеңештин телерадиоберүүлөрүнүн чыгарылыштары

**- «Парламент» радиосуна эфирге чыгуу - 499, анын ичинен:**

- Жаңылыктар - 170
- Күн тартибинде - 21
- Парламенттик угуулар - 12
- Жогорку Кенештин жыйындары - 65
- Комитет жыйындары - 208
- Фракция жыйындары - 23

**- «Парламент» телеберүүсүнө эфирге чыгаруу - 37 (333 сюжет)**

ТВ
УТРК
ЭлТР
7 канал

90,2 - 107,7
FM

Пресс-релиздер **- 3060тан ашуун**



*Жалпыга маалымдоо каражаттары

**143 120**
web-сайтка (www.kenesh.kg) киргендердин саны


**2 785 649**
web-сайтты (www.kenesh.kg) көргөндөрдүн саны

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШ СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДА



| | жазылуучулар | басылмалар |
|---|---|---|
| @jogorkukenesh | 39 000 | 132 |
| Жогорку Кеңеш | 106 667 | 757 |
| @kenesh_kg | 607 | 53 |
| Жогорку Кеңеш | 40 000 | 372 |
| @zhogorkukenesh | 1 800 | 130 |

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ ЭКСКУРСИЯЛАР



Бардык келген адамдар

**13 599**

| 4 542 | 5 340 | 3 321 | 15 | 381 |
|---|---|---|---|---|
| Студенттер | Мектеп окуучулары | ЖӨБ депутаттары/ өкүлдөрү | Чет өлкөлүк делегациялар | Жергиликтүү жарандар |

## МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ




## МЫЙЗАМ ДОЛБООРУНА ЭКСПЕРТИЗА ЖҮРГҮЗҮҮ

304 мыйзам долбооруна экспертиза жүргүзүлдү

### АНЫН ИЧИНЕН АНЫКТАЛДЫ:

- УКУКТУК — 153 Конституцияга жана мыйзамдарга карама-каршылыктар
- УКУК КОРГООЧУЛУК — 104 Адам укуктарын бузуулар
- ГЕНДЕРДИК — 0 Гендердик теңдикти бузуулар
- КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ — 17 Коррупциялык тобокелчиликтер
- ЭКОЛОГИЯЛЫК — 5 Жаратылышты коргоо боюнча мыйзам талаптарына шайкеш эместиктер

468 мыйзам долбооруна лингвистикалык экспертиза жүргүзүлдү

## КОМИТЕТТЕР ТАРАБЫНАН КАРАЛГАН МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУ

| | 1-окууда | 2-окууда | 3-окууда |
|---|---|---|---|
| Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 84 | 60 | 55 |
| Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет | 97 | 87 | 86 |
| Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 29 | 15 | 13 |
| Социалдык саясат боюнча комитет | 66 | 20 | 20 |
| Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет | 17 | 2 | 2 |
| Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 22 | 15 | 14 |
| Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 118 | 48 | 48 |
| Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 69 | 27 | 26 |
| **ЖАЛПЫ** | **502** | **274** | **264** |

## ПАРЛАМЕНТТИК УГУУЛАР

| | Катышуучулар | Жарандык коомдун өкүлдөрү жана эксперттер | Парламенттик угуулардын саны |
|---|---|---|---|
| Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 43 | 13 | 1 |
| Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет | - | - | - |
| Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 72 | 51 | 1 |
| Социалдык саясат боюнча комитет | 275 | 95 | 4 |
| Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет | - | - | - |
| Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 113 | 54 | 1 |
| Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 98 | 66 | 4 |
| Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | - | - | - |
| **ЖАЛПЫ** | **601** | **279** | **11** |

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ ЖӨНӨТҮЛГӨН МЫЙЗАМДАР

**246**
Мыйзамга кол коюлган

**16**
Каршы пикир менен кайтарылган

**8**
Макулдашылган вариант кабыл алынды



## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТОКТОМДОРУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

### 1018 токтом кабыл алынган

**808**
Мыйзам долбоорлорун кароо маселелери боюнча

**33**
Мамлекеттик, коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүү маселелери боюнча

**43**
Өкүлчүлүктүү жана контролдук ыйгарым укуктарды аткаруу маселелери боюнча

**134**
Жогорку Кеңештин ишин уюштуруу маселелери боюнча

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖӨНҮНДӨ

Мамлекеттик тилди колдонуу чөйрөсүн жөнгө салуучу айрым мыйзамдарды «Мамлекеттик тил жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына шайкеш келтирүү максатында, Жогорку Кеңеш **«Мамлекеттик тилди колдонуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым конституциялык мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»* Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын** жана **«Мамлекеттик тилди колдонуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»* Кыргыз Республикасынын Мыйзамын** кабыл алган.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 32-беренесине ылайык, мамлекеттик тилди билүүгө жана аны кызматтык милдеттерин аткарууда пайдаланууга милдеттүү адамдардын тизмеси белгиленип, аталган конституциялык Мыйзамдын 33-беренесинде кызмат адамдарынын жана башка жарандардын мамлекеттик тилди тиешелүү деңгээлде билүүсүнө болгон талаптар алардын тиешелүү иш чөйрөсүн жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин актылары менен белгиленет деп көрсөтүлгөн.

Ушуга байланыштуу, мамлекеттик тилди билүү боюнча талаптарды белгилөө өңүтүндө, мисалы, Жогорку Кеңештин депутаттарынын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын, Улуттук банктын кызматкерлеринин, соттордун, прокурорлордун, адвокаттардын, нотариустардын жана башкалардын ишин жөнгө салуучу мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилди.

Мындан тышкары, «Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө», «Тышкы миграция жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө», «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө», «Банктар жана банк иштери жөнүндө», «Жарнама жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин беренелери «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында белгиленген ченемдерге шайкеш келтирилди.




*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 25-июнунда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 11-августунда кол койгон.

*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 25-июнунда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 11-августунда кол койгон.

# МАМЛЕКЕТТИК ИПОТЕКАЛЫК ТУРАК ЖАЙЛАР ҮЧҮН ИНВЕСТИЦИЯ

Жогорку Кеңеш **«2024-жылдын 26-апрелинде Сауд Арабиясынын Эр-Рияд шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Ислам өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Шариат стандарттары боюнча жеткиликтүү турак жайды каржылоо» долбоору боюнча Алкактык макулдашууну (бөлүп төлөө менен каржылоо), Кредиттик макулдашууну (1-кадам алдын ала ишке ашыруу), Кредиттик макулдашууну (2-кадам ишке ашыруу), Агенттик макулдашууну (бөлүп төлөө менен каржылоо) ратификациялоо жөнүндө»*** Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алган.

Макулдашуунун максаты «Менин үйүм 2021–2026» мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн каржылоонун ислам принциптери боюнча турак жай куруу болуп саналат. Программанын стратегиялык максаттарынын бири – өлкөнүн бардык региондорунда турак жай куруу жолу менен республиканын турак жай фондун көбөйтүү. Ушуга байланыштуу, Ислам өнүктүрүү банкы менен сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасына 79 млн АКШ доллары суммасында жеңилдетилген каржы берүү жөнүндө макулдашууга кол коюлду.

«Мамлекеттик ипотекалык компания» ААК тартылган финансы каражаттарынын оператору катары жер тилкелери менен камсыз кылат жана андан ары сатып алуу менен ижарага берүү үчүн өлкөнүн бардык региондорунда арзан турак жайдын курулушун, ошондой эле аталган программанын алкагында Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн каржылоонун ислам принциптери боюнча ипотекалык кредит берүүнү каржылайт.

Ошол эле учурда исламдык каржылоо принциптери боюнча ижаралык турак жай жана ипотекалык кредит алгандар ай сайын төлөм жүргүзүп турушат. Займчылардан алынган каражаттарды «Мамлекеттик ипотекалык компания» ААК Ислам өнүктүрүү банкы берген каржылоону жабуу үчүн жумшайт.

| **112 525 м²** | **2 000 үй-бүлө** |
|---|---|
| курулушту каржылоо үчүн каралган | турак жай менен камсыз болот |

турак жай куруу Кыргызстандын ар кайсы региондорундагы жети шаарда жүргүзүлөт **Бишкек, Баткен, Жалал-Абад, Ош, Токмок, Талас жана Каракол**



Жогорку Кеңеш 2024-жылдын 13-ноябрында кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылдын 10-декабрында кол койгон.

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

# РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТ

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2025-ЖЫЛГА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТИ ТӨМӨНКҮДӨЙ СУММАДА БЕКИТИЛДИ:**



**430 244,6**
МЛН СОМ

**2025-ЖЫЛДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫН ГРАНТТАРЫН ЭСЕПКЕ АЛУУ МЕНЕН РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН ЖАЛПЫ КИРЕШЕЛЕРИ**

**405 946,7**
МЛН СОМ

**ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕРДИ ЭСЕПКЕ АЛБАСТАН 2025-ЖЫЛГА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН ЧЫГАШАЛАРЫНЫН ЖАЛПЫ КӨЛӨМҮ**

**2025-ЖЫЛГА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН ПРОФИЦИТИ**
**24 297,8 МЛН СОМДУ ТҮЗӨТ**

Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган **«Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын** негизинде бюджеттик каражаттар бөлүнүп, республиканын аймагында көптөгөн максаттуу иштерге жумшалууда.

Капиталдык салымдарды каржылоого 2025-жылы бөлүнгөн каражаттардын көлөмү **10 000,0 млн сом** суммасында бекитилген жана артыкчылыгын эске алуу менен алар 2025-жылга бекитилген тизмеге ылайык социалдык-экономикалык объекттерди, ичүүчү суу менен жабдуу тутумдарын, ирригациялык курулмаларды, автомобиль жолдорун, улуттук коопсуздук, укуктук тартип, куралдуу күчтөрдүн объекттерин жана стратегиялык маанидеги объекттерди долбоорлоону, курууну, капиталдык оңдоону жана реконструкциялоону улантууга же аяктоого жумшалууда.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фонддун мамлекеттик ипотекалык сертификаттарына ылайык табигый кырсыктардан жабыр тарткандарга берилүүчү бюджеттик каражаттарды төлөөгө **50,0 млн сом** бөлүндү.

2022-жылдын 14–17-сентябрында кыргыз-тажик чек арасындагы чыр-чатактын кесепетинен жабыр тарткан Баткен облусунун ишкердик субъекттерине белгиленген тартипке ылайык бюджеттик кредит берүүгө **25,4 млн сом** каралды.

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды каржылоого бөлүнгөн каражаттардын көлөмү 2025-жылы **1 500,0 млн сом** өлчөмүндө белгиленди.

Республикалык бюджетте Ош жана Баткен облустарын өнүктүрүү фонддорун каржылоого **300,0 млн сом**, райондорду өнүктүрүү фонддорун каржылоого **834,4 млн сом** суммасында каражат каралды.

Райондук маанидеги шаарлардын жана айыл аймактарынын электр энергиясына болгон чыгашаларын каржылоо үчүн жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга республикалык бюджеттен **1 115,9 млн сом** суммасында каражат бөлүндү.

2025-жылга республикалык бюджетте «Социалдык төлөмдөрдү жогорулатуу жана башка иш-чаралар» бөлүмүндө Бишкек шаарынын билим берүү мекемелеринин эмгек акы төлөө фонду боюнча чыгашалардын бөлүгүн жабуу үчүн **3 000,0 млн сом** каражат каралган.

**ЖАЛПЫ МАМЛЕКЕТТИК ЧЫГАШАЛАР**
**(2025-ЖЫЛГА МАМЛЕКЕТТИК ПРОГРАММАЛАР, ИШ-ЧАРАЛАР ЖАНА ТӨЛӨМДӨР):**

- Турукташтыруу фондуна акча каражаттарын которуу – 10 000,0 млн сом;
- экономикалык өнүктүрүү долбоорлорун каржылоо – 3 001,6 млн сом;
- «Ишкердикти өнүктүрүү фонду» микрокредиттик компаниясы» ААК – 500,0 млн сом;
- «Мамлекеттик өнүктүрүү банкы» ААКнын уставдык капиталын көбөйтүү – 1 500,0 млн сом;
- «Мамлекеттик камсыздандыруу уюму» ААКнын уставдык капиталын көбөйтүү – 1 500,0 млн сом;
- энергетикалык компаниялардын уставдык капиталын көбөйтүү – 20 000,0 млн сом жана «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААК – 37 065,8 млн сом;
- энергиянын кайра жаралуучу булактары объекттери иштеп чыгуучу электр энергиясын чыгаруу боюнча кепилдикти камсыз кылуу үчүн уставдык капиталды көбөйтүү – 500 млн сом;
- «Агрохолдинг» ААКнын уставдык капиталын көбөйтүү – 220,0 млн сом;
- «Нарынспецгидроэнергомонтаж» ААКнын уставдык капиталын көбөйтүү – 162,3 млн сом;
- финансы-кредиттик уюмдарга кепилдик берүү – 1 654,9 млн сом;
- Баткен облусун өнүктүрүү программасы жана аны ишке ашыруу боюнча жол картасы – 500,0 млн сом;
- КНСтин ордун толтуруу жана кайтаруу – 1 500,0 млн сом;
- Камбар-Ата ГЭСин куруу – 1 977,6 млн сом бюджеттик кредит;
- «Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан» темир жол компаниясы» ЖЧКсына кыргыз тараптын уставдык капиталга кошкон салымы катары Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы «Кыргыз темир жолу» Улуттук компаниясы» мамлекеттик ишканасынын атынан – 2 418,2 млн сом;
- «Айыл банк» ААКнын уставдык капиталын көбөйтүү – 2 262,1 млн сом;
- «Элдик банк» ААКнын уставдык капиталын көбөйтүү – 2 462,1 млн сом;
- финансылык мамлекеттик ишканаларга субсидиялар (кооперативге бириккен айылдык товар өндүрүүчүлөрдү каржылоо) – 200,0 млн сом;
- чек ара аймактарын өнүктүрүү – 250 млн сом;
- «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААК – 2 254,0 млн сом бюджеттик кредит;
- «Кыргызнефтегаз» мамлекеттик ишканасы – 4 043,5 млн сом бюджеттик кредит;
- «Бишкек штамптоо заводу» МИ – 1 200,4 млн сом бюджеттик кредит;
- социалдык төлөмдөрдү жогорулатуу жана башка иш-чаралар – 29 739,4 млн сом;
- өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча атайын эсеп – 300,0 млн сом;
- «Санариптик экономикага» санариптик трансформациялоо концепциясынын алкагында долбоорлорду ишке ашыруу – 700 млн сом;
- климаттык иш-чараларды каржылоо – 100 млн сом;
- эл аралык уюмдарга төгүмдөр – 3 166,9 млн сом;
- «Акылдуу шаар» долбоорунун «Коопсуз шаар» компонентин ишке ашыруу – 900,0 млн сом;
- Мамлекеттик бюджеттик резерв – 1 394,8 млн сом;
- «Мамлекеттик ипотекалык компания» ААКнын уставдык капиталы – 12 742,8 млн сом.

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

# МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРА ЖӨНҮНДӨ

Кыргыз-тажик алакасы Борбордук Азия үчүн өзгөчө мааниге ээ, анткени эки мамлекетте тең региондогу суу ресурстарынын негизги кору бар, ал эми алардын географиялык жайгашкан орду Борбор Азия менен Евразиянын эл аралык мамилесинин жалпы тутумунда өзгөчө орунду ээлейт. Бул адилеттүү, өз ара пайдалуу жана сарамжалдуу өнөктөштүк үчүн өзгөчө жоопкерчиликти аныктайт.

Кыргыз-тажик мамлекеттик чек ара сызыгын аныктоо максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **«2025-жылдын 13-мартында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Тажикстан Республикасынын ортосундагы кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасы жөнүндө келишимди ратификациялоо тууралуу»*** Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган.

Бул келишимди ратификациялоо көп жылдык сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында жетишилген эки тараптуу мамилелерди турукташтыруу жана өнүктүрүү жолундагы маанилүү кадам болуп саналат. Юридикалык алкакты так аныктоо саясий, экономикалык, маданий-гуманитардык байланыштарды өнүктүрүүгө, ошондой эле биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга өбөлгө болот.

ТӨРАГА ТУРГУНБЕК УУЛУ НУРЛАНБЕК:

*«Кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасы жөнүндө келишимди ратификациялоо – **тарыхый окуя**»*



13/03 2025

2025-жылдын 13-мартында Бишкекте Кыргыз Республикасы менен Тажикстан Республикасынын ортосунда Кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасы жөнүндө келишимге кол коюлган

*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 19-мартында кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 25-мартында кол койгон.

# САНАРИП КОДЕКСИ ЖӨНҮНДӨ

Маалыматтык технологиялар жаатындагы илимий-техникалык ачылыштар акыркы жылдары өз чектерин жана чөйрөсүн кыйла кеңейтти.

Буга чейин санарип чөйрөсүндөгү коомдук мамилелер иретке келтирилбегендиктен, санарип чөйрөсүнүн ар түрдүү тармактарына тийиштүү маселелер көйгөй жаратып келген.

Алсак, зарыл санарип өбөлгөлөрүнүн жоктугу жарандардын жашоосуна, экономикага, социалдык чөйрөгө жана укук колдонуу тажрыйбасына тикелей таасир этет.

Санариптештирүү өлкөнүн өнүгүшүндө негизги ролду ойноп, экономикалык өсүшкө, натыйжалуулукка жеткирүү менен жашоо сапатын жакшыртмакчы. Бул бизнес үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат, мамлекеттик башкарууну илгерилетип, билим берүү жана саламаттыкты сактоо мүмкүнчүлүктөрүн ыңгайлаштырат, туруктуу өнүгүүнүн келечегине жол ачат.

Кыргыз Республикасында байланыш жана телекоммуникация, санариптик башкаруу, жеке маалыматтарды коргоо, санариптик идентификациялоо, ачык маалыматтар, мейкиндиктеги маалыматтар, киберкоопсуздук чөйрөлөрүн жана башкаларды түздөн-түз же кыйыр түрдө жөнгө салуучу же аларга тийиштүү жүздөн ашуун ар түрдүү деңгээлдеги ченемдик укуктук актылар бар экендигин талдоо көрсөттү.

Буга байланыштуу, Жогорку Кеңеш тарабынан санариптик технологиялар чөйрөсүндөгү мамлекеттик башкаруунун бирдиктүү тутумун түзүүгө жана санариптик технологияларды пайдалануу менен байланышкан коомдук мамилелерди жөнгө салуунун бирдиктүү эрежелерин колдонууну камсыз кылууга тийиштүү документ катары **Кыргыз Республикасынын Санарип кодекси*** кабыл алынган.

Аталган Кодекс укуктук жана мыйзамдардагы карама-каршылыктарды жоюу менен бирге, санариптик трансформация үчүн бирдиктүү укуктук базаны түзөт.




**САНАРИП КОДЕКСИ ТӨМӨНКҮЛӨРГӨ БАГЫТТАЛГАН:**

- мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жөнөкөйлөтүү жана алардын сапатын жакшыртуу;
- санарип чөйрөсүндө жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо;
- санариптик инфратүзүмдү жана технологияларды өнүктүрүү;
- калктын санариптик сабаттуулугун жогорулатуу;
- мамлекеттик башкаруунун айкындуулугун жана натыйжалуулугун олуттуу жакшыртуу.

*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 18-июнунда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 31-июлунда кол койгон.

# СОЦИАЛДЫК КОЛДОО

Бийик тоолуу аймактарда мектеп, дүкөн жана медициналык мекемелердин алыстыгы транспортко жана турак жайга болгон чыгымдардын кымбаттоосуна алып келет. Мындай шарттарда жашаган балдар көбүнчө климаттык шарттардан улам саламаттык көйгөйлөрүнө кабылып, башка кызматтардын да жетишсиздигине туш болушат.

Бул демейки айыл экономикасындагы кирешелерди төмөндөтүп, анын натыйжасында ошол жерде жакырчылыктын деңгээли жогорулайт.

Көбүнесе, жакырчылыкка жумушсуз, майыптыгы бар адамдар, багар-көрөрү жоктор, жетим балдар жана калктын башка аярлуу катмары дуушар болот.

Мамлекет көп балалуу үй-бүлөлөрдү зарыл ресурстар менен камсыз кылууга, өсүп келе жаткан муундун дени сак өнүгүшү үчүн шарт түзүүгө жана коомдун социалдык түзүмүн чыңдоого милдеттүү.

Жогоруда белгиленген көйгөйлөрдү эске алып, Жогорку Кеңеш **«Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу»*** Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алган.

Мыйзамга ылайык, бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда, өзгөчө статусу бар айрым чек арага чектеш аймактарда жайгашкан калктуу конуштарда жашоочу жарандарга (үй-бүлөлөргө) үчүнчү жана андан кийинки ар бир балага төрөлгөндөн баштап 3 жашка чыкканга чейин, алардын социалдык-экономикалык абалына карабастан, «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» ар айлык жөлөк пулу дайындалды.

Бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын болгон калктуу конуштарда жана өзгөчө статусу бар чек ара аймактарында жашаган 3 жашка чейинки балдары бар жарандарга ай сайын берилүүчү жөлөк пулдун өз негизи бар. Бул алардын экономикалык абалын кыйындаткан шарттарда жашаган үй-бүлөлөр үчүн колдоо чарасы болуп саналат.

Бул Мыйзамдын кабыл алынышы менен аталган региондордо ички миграция азайып, ал эми көп балалуу үй-бүлөлөр үчүн мамлекеттик жөлөк пулдар коомдук мааниге ээ олуттуу социалдык колдоого айланары күтүлүүдө. Мындан тышкары, аталган Мыйзам өлкөдөгү демографиялык кырдаалды жакшыртууга, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн материалдык жыргалчылыгын арттырууга жана жакырчылыкты азайтууга, ошондой эле балдарды сергек тарбиялоо үчүн шарттарды камсыз кылууга өбөлгө түзөт.

Аны менен катар, жөлөк пулдун өлчөмү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныктала тургандыгын белгилей кетүү зарыл.



*Жогорку Кеңеш 2024-жылдын 24-октябрында кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылдын 6-декабрында кол койгон.

# БАРДЫГЫНА БИРДЕЙ УКУК ЖАНА КЕПИЛДИКТЕР

БУУнун Майыптардын укуктары жөнүндө ратификацияланган конвенциясынын ченемдерин ишке ашыруу максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **«Майыптыгы бар адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*** кабыл алынган.

Мыйзам майыптыгы бар адамдардын билим алууга, ишке орношууга, социалдык коргоого, медициналык жардамга, транспорт каражаттарына, коомдук жайларга жана зарыл болгон башка кызмат көрсөтүүлөргө карата негизги укуктарынын корголушун камсыз кылат. Ал майыптыгы бар адамдардын коомдук турмушка жигердүү катышуусун жана алардын мүмкүнчүлүктөрүн, потенциалын жогорулатууну көздөйт. Ошондой эле, бийлик органдарынын жана жеке иш берүүчүлөрдүн майыптыгы бар адамдарга карата социалдык жоопкерчилигин жогорулатууга түрткү берет.

Мындан тышкары, майыптыгы бар адамдардын укуктарына тиешелүү бардык укуктук ченемдер атайын түзүлүүчү Майыптыгы бар адамдардын иштери боюнча кеңеш менен милдеттүү түрдө макулдашылууга тийиш. Бул майыптыгы бар адамдардын кызыкчылыктарын эске алуу үчүн маанилүү кадам болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматы боюнча, 2025-жылдын биринчи жарымына карата өлкөдө **218 миңден ашуун майыптыгы бар жаран жашайт.**
Бул Кыргызстандын калкынын жалпы санынын 3%ын түзөт. **Акыркы 10 жылда алардын саны 50 миң адамга көбөйгөн**.



*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 18-июнунда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 11-августунда кол койгон.

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

# МҮЛКТҮ КАМСЫЗДАНДЫРУУ ТУУРАЛУУ

Экономикалык өнүгүүгө өбөлгө берүүчү жагымдуу жана туруктуу камсыздандыруу чөйрөсүн түзүү, жарандардын жана бизнестин кызыкчылыктарын коргоо максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **«Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Кыргыз Республикасындагы жол кыймылы жөнүндө», «Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө», «Күрөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*** кабыл алынган.

Аталган Мыйзам камсыздандыруу рыногунун заманбап түзүмүн калыптандырууга, камсыздандыруучулардын жана камсыздандырылган адамдардын кызыкчылыктарын коргоого, камсыздандыруучулардын финансылык туруктуулугун бекемдөөгө, улуттук экономиканы өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Кабыл алынган Мыйзамга ылайык, турак жайды милдеттүү түрдө камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу полиси кыймылсыз мүлк тууралуу бүтүм жасоодо милдеттүү болуп саналат.

Ошондой эле, автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жаатындагы камсыздандыруу келишими (келишимдери) өздөрү тарабынан түзүлөрү каралган.

2025-жылдын 31-мартына

**1,25 млн** республика боюнча турак жай фондунун жалпы саны

**23,79%** милдеттүү камсыздандыруу келишимдери менен камсыздандырылган



2024-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейин

**240** өрт жана табигый кырсык **КАТТАЛГАН**

**37,04 млн сом** өлчөмүндө камсыздандыруу төлөмдөрү жүргүзүлгөн

2025-жылдын биринчи кварталында

**41** камсыздандыруу учурлары **КАТТАЛГАН**

**6,48 млн сом** суммасында төлөмдөр жүргүзүлгөн

### АЙМАКТАР БОЮНЧА КАМСЫЗДАНДЫРУУ КЕЛИШИМДЕРИНИН КАТЫШЫ ТӨМӨНКҮДӨЙ:

| Аймак | Катышы |
|---|---|
| Бишкек шаары | 14,53% |
| Чүй облусу | 15,97% |
| Нарын облусу | 25,18% |
| Ысык-Көл облусу | 18,49% |
| Талас облусу | 31,02% |
| Баткен облусу | 24,67% |
| Ош облусу | 31,43% |
| Жалал-Абад облусу | 33,41% |

*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 13-мартында кабыл алган. Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 24-апрелинде кол койгон.



**БУЛ МЫЙЗАМ:**

- жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу жана жол кыймылынын катышуучуларынын кызыкчылыктарын коргоо үчүн зарыл;
- өзгөчө кырдаалдарда жарандарга келтирилген зыяндарды камсыздандыруу төлөмдөрү аркылуу өз убагында жабууга мүмкүндүк берет;
- жарандардын финансылык кудуреттүүлүгүн жана социалдык жактан корголуусун жогорулатат;
- мамлекеттик бюджеттин жүгүнүн азайышы менен камсыздандыруу тутумунун ролун күчөтөт;
- жол кыймылынын коопсуздугун жана укуктук маданиятын жогорулатат;
- камсыздандыруу тутумуна жарандардын ишениминин жана катышуусунун жогорулашына алып келет;
- өзгөчө кырдаалдар жана жаратылыш кырсыктары көбөйгөн шарттарда жарандардын мүлктүк коопсуздугун камсыз кылат.

Милдеттүү камсыздандыруу полистерин талап кылуучу укуктук ченемдерди киргизүү жарандардын жоопкерчилигин жогорулатууга, жол кыймылынын коопсуздугун жана жарандардын кызыкчылыктарын коргоого өбөлгө түзөт, коопсуз жана финансылык туруктуу коомду куруу аркылуу өлкөнүн туруктуу өнүгүшүнө салым кошот.

2024-жылдын 1-январынан тартып
2025-жылдын 1-январына чейин

## АВТОМОБИЛДЕРДИ МИЛДЕТТҮҮ КАМСЫЗДАНДЫРУУ (ОСАГО) БОЮНЧА

217 468 келишим түзүлгөн

келип түшүүлөр
424,1 млн сом

төлөмдөр
33,2 млн сом

2025-жылдын 1-январынан тартып 15-июнуна чейин

196 861 келишим түзүлгөн

келип түшүүлөр
431,9 млн сом

төлөмдөр
60,3 млн сом

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

# САЛЫК САЛУУ ЖӨНҮНДӨ

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн түзгөн негизги булактардын бири – салык жыйымдары жана төлөмдөрү. Бул каражаттардан мамлекеттик жана социалдык программалар каржыланат жана калктын социалдык-аярлуу катмарлары колдоого алынат.

Салык мыйзамдарын өркүндөтүү, салыктык администрациялоонун жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү, ошондой эле ак ниеттүү атаандаштык жана экономиканын көмүскө курамын кыскартуу үчүн шарттарды түзүү максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **«Кыргыз Республикасынын салык салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»*** Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдүн киргизилиши салык төлөөчүлөрдүн жана мамлекеттин кызыкчылыктарынын ортосунда баланс түзүү жана аларды колдоо багытында үзгүлтүксүз процесс жүрүп жаткандыгын билдирет.


Кабыл алынган мыйзамдын алкагында Кыргыз Республикасынын Граждандык, Жарандык процесстик, Кылмыш-жаза, Кылмыш-жаза процессуалдык, Салык, Укук бузуулар жөнүндө, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекстерине, «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу», «Кыргыз Республикасынын Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө», «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө», «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө», «Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө», «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү каралган.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИНЕ:**

- жеке жактар үчүн жалпы декларациялоону жокко чыгаруу;
- таксисттер жана чабармандар үчүн киреше салыгынын ставкасын 1 пайыз өлчөмүндө белгилөө;
- «нөлдүк» отчетторду жокко чыгаруу;
- макулатура жана металл сыныктарын сатуудан алынган кирешеге салыктан бошотуу;
- айыл чарба продукциясын сатууда соода тармактары үчүн жеңилдиктер;
- айыл чарба өндүрүүчүлөрү үчүн бонус боюнча жеңилдиктер;
- алгачкы каттоо үчүн жыйым төлөөдөн Кыргыз Республикасында чогултулган же өндүрүлгөн транспорт каражат ээлерин бошотуу.


**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНЕ:**

- салык отчетун бербегендиги же өз убагында бербегендиги үчүн жоопкерчиликти Кыргыз Республикасынын Салык кодексине которуу;
- милдеттүү түрдө маркаланууга тийиш болгон товарларды товарга жана/же маркалоо каражаттарынын таңгагына түшүрбөстөн өндүрүү,




*Жогорку Кеңеш 2024-жылдын 26-декабрында кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 12-февралында кол койгон.

импорттоо жана сатуу үчүн айып пулду көбөйтүү;
- Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 312–314-беренелерине ылайык укук бузууларга карата иштерди кароону ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жүктөө;
- айып пулду төлөөдө жеңилдиктерди киргизүү.




**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫКТЫК ЭМЕС КИРЕШЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНЕ:**

- алгачкы каттоо үчүн жыйымдан (Кыргыз Республикасында чогултулган жана/же өндүрүлгөн) транспорт каражат ээлерин бошотуу.

**«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИН КОЛДОНУУГА КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА КИРГИЗИЛГЕН НЕГИЗГИ ӨЗГӨРТҮҮЛӨР ТӨМӨНКҮЛӨР:**

1. Курулуш чөйрөсүндө:

- курулуш компанияларынын 2025-жылдын 1-июлуна чейин бирдиктүү салыкка өтүүсү;
- турак жана турак эмес имараттарды куруу чөйрөсүндөгү субъекттердин 2025-жылдын 1-июлуна чейин салык салуунун башка режимине өтүү жөнүндө арыз берүү укугу;

2. Транспорт каражаттарын кайра экспорттоо операциялары боюнча жеке жактардын салык карызын эсептен чыгаруу;
3. Баштапкы эсепке алуу документтери жок товарлардын калдыктарын легалдаштыруу.

Ушуну менен катар, аталган мыйзамдын алкагында салыктык укук мамилелерин тартипке келтирүү боюнча тиешелүү мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилген.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИНЕ:**

- акциздик продукцияны акциздик маркалары жок жана/же идентификациялоо каражаттары жок, же болбосо жасалма акциздик маркалар менен жүгүртүүдө санкцияларды эки эсеге көбөйтүү;
- үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан он жылга чейин эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жоопкерчилик чараларын күчөтүү менен, айып пулдун суммасын (спиртти, алкоголдук продукцияны мыйзамсыз өндүрүү жана жүгүртүү үчүн) 2 000ден 10 000 эсептик көрсөткүчкө чейин көбөйтүү;
- спиртти жана акциздик товарларды сатууну бузгандыгы үчүн төмөнкү беренелерде айып пулду көбөйтүү: 282 (50%га), 283 (50%га), 312 (150дөн 170%га чейин).

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

# ЖЕР КОДЕКСИ

Кыргыз Республикасында жер мамилелерин жөнгө салуу, жерди пайдалануу укуктарынын негиздерин белгилөө жана бул укуктарды ишке ашыруу, ошондой эле мамлекеттик, муниципалдык жана жеке менчиктин шарттарында жерлерди сарамжалдуу пайдалануу жана коргоо максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **Кыргыз Республикасынын Жер кодекси*** кабыл алынган.

**АТАЛГАН КОДЕКСТИН АЛКАГЫНДА ТӨМӨНКҮЛӨР КАРАЛГАН:**
– жер мыйзамдары чөйрөсүндөгү бардык ченемдик укуктук актыларды консолидациялоо;
– жер мыйзамдары чөйрөсүндөгү боштуктарды, коллизияларды жана коррупциялык ченемдерди жоюу;
– айыл чарба жерлеринин бардык категорияларын жана түрлөрүн пайдалануу чөйрөсүн так чектөө;
– мамлекеттик ипотекалык кредит берүүдө, мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү, ошондой эле улуттук жана мамлекеттик инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууда мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү;
– жер участокторун алып коюунун жана алмаштыруунун негиздүүлүгүн тактоо;
– жерлерди коргоого жана пайдаланууга контролду күчөтүү;
– жайыт бирикмелери институтунун түзүмүн өзгөртүү;
– жер комиссияларынын функцияларын бирдейлештирүү;
– мамлекеттин менчигинде турган жерлердин гана жеке менчикке берилүүсүнө тыюуну күчөтүү жана башка өзгөртүүлөр.

Ошондой эле, республиканын жер фондун инвентаризациялоонун негизинде жер кадастрынын маалыматтары жаңыртылат жана мамлекеттин менчигинде турган бардык жерлер текшерүүдөн өткөрүлөт.

Ушуну менен бирге, мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар, улуттук коопсуздукту камсыз кылуу, энергиялык натыйжалуулукка жана энергияны үнөмдөөгө дем берүү, «жашыл» экономиканы



*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 4-июнунда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 18-июлунда кол койгон.

өнүктүрүү жана кайра жаралуучу булактардан энергия өндүрүү, темир жол жана анын инфратүзүмүн куруу, шаарлар менен айылдарда суу жана жер ресурстарын башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн жер берүү, которуу (трансформациялоо) маселелерин кыйла ыкчам чечүүгө мүмкүндүк берүүчү ченемдер каралган.

**«Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*** Кыргыз Республикасынын Жер кодексине интеграцияланган ченемдик укуктук актыларды жана Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарына киргизилүүчү өзгөртүүлөрдү эске алуу менен жер укуктук мамилелердин өткөөл жоболорун камтыйт.

Бул Мыйзамда айыл чарба багытындагы жерлерди, сугат айдоо жерлерин жана жерге жайгаштыруу иштери тариздеелген жана жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын кароосунда турган жерлердин башка түрлөрүн которуу (трансформациялоо) боюнча учурдагы жер укуктук мамилелери боюнча юридикалык натыйжаларды аныктоочу ченемдер каралган.

Мыйзам жер участокторуна мурда катталган укуктарды мамлекеттик коргоону камсыз кылуучу жана укуктары Жер кодекси колдонууга киргизилгенге чейин эле пайда болгон жер пайдалануучулардын укуктук статусун жөнгө салуучу, ошондой эле мурда алынган укук күбөлөндүрүүчү документтерди бирдиктүү бирдейлештирилген кадастрдык планга акырындык менен алмаштырууну караштырган ченемдерди камтыйт.

Ошондой эле, аталган Мыйзам менен 1999-жылга чейин алынган багбанчылык-дачалык участокторго болгон укуктар жана алардын жакын жайгашкан калктуу конуштарга кошулушу ырасталат. Бул турак жай жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө, каттоого алууга, мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кирүү үчүн балдардын документтерин тариздөөгө, ошондой эле жөлөк пул жана пенсия алууга өбөлгө түзөт.





*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 4-июнунда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 18-июлунда кол койгон.

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ



# БИОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУК

Биологиялык коопсуздук коомдук саламаттыкты сактоо, айлана-чөйрөнү коргоо жана экономикалык туруктуулукту камсыз кылуу потенциалынан улам ар кандай кесиптерде жана тармактарда өзгөчө мааниге ээ. Саламаттыкты сактоодо биологиялык коопсуздук чараларын өздөштүрүү ооруканаларда жана клиникаларда оорулардын жугуусун алдын алуу, айыл чарбасында айыл чарба өсүмдүктөрүн жана мал чарбачылыгын кыйратуучу зыянкечтердин жана илдеттердин киришин, жайылышын болтурбоо үчүн абдан маанилүү.

Кыргыз Республикасы Бактериологиялык (биологиялык) жана уулуу куралды иштеп чыгууга, өндүрүүгө жана алардын запастарын топтоого тыюу салуу жөнүндө жана аларды жок кылуу тууралуу конвенцияга кошулуп, биологиялык коопсуздук боюнча Картахен протоколун (2005-ж.) ратификациялаган. Протоколго ылайык Кыргыз Республикасы биологиялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн улуттук деңгээлде натыйжалуу укуктук жана ченемдик базаны түзүүгө милдеттенген.

Буга байланыштуу, биологиялык коопсуздукту камсыз кылууда жана Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдер боюнча милдеттенмелерин аткарууда орун алган укуктук боштукту толтуруу максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **«Кыргыз Республикасындагы биологиялык коопсуздук жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*** кабыл алынган.

**МЫЙЗАМДЫН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ:**

– калктын саламаттыгын жана айлана-чөйрөнү патогендүү биологиялык агенттердин таасиринен жана/же заманбап биотехнология азыктарын пайдалануунун ыктымалдуу жагымсыз кесепеттеринен коргоону камсыз кылуу;

– адамдын саламаттыгы жана айлана-чөйрөгө карата тиешелүү коопсуздук чараларын сактоо менен биотехнологияны өнүктүрүү жана пайдалануу;

– биологиялык коопсуздук коркунучтарын комплекстүү алдын алууну камсыз кылуу жана патогендүү биологиялык агенттерди жана токсиндерди, ошондой эле заманбап биотехнология азыктарын пайдалануу менен байланышкан ыктымалдуу жагымсыз кесепеттерди азайтуу.

*Жогорку Кеңеш 2024-жылдын 18-декабрында кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 23-январында кол койгон.

# ЭНЕРГИЯНЫН КАЙРА ЖАРАЛУУЧУ БУЛАКТАРЫ

Кыргызстан зор гидроэнергетикалык потенциалга ээ. Акыркы жылдары инфратүзүмдүн өнүгүшү менен электр энергиясын керектөө жогорулап, Кыргызстан кыш мезгилинде электр энергиясынын тартыштыгын жоюу үчүн коңшу мамлекеттерден электр энергиясын сатып алууда.

Соңку жылдары Кыргызстанда ондогон чакан ГЭСтер ишке киргизилди. Ошондой эле, Кыргызстанда шамалдын күчүн, күндүн нурун колдонуп, кайра жаралуучу энергия булактарын өнүктүрүүнүн келечеги кең экендиги анык болуп калды. Энергиянын кайра жаралуучу булактары республикабыздын ар кайсы жерлеринде курулуп, бул электр энергиясынын жетишсиздигинин тегерегиндеги маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берүүдө.

Бул тармактагы көйгөйлөрдү чечүү үчүн Жогорку Кеңеш тарабынан **«Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*** кабыл алынган.

Мыйзамда каралган жөнгө салуу механизмдери инвестициялык чөйрөнү жакшыртууга, энергетикалык сектордогу өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүүгө, электр энергиясын өндүрүүнүн диверсификациясын жогорулатууга, аукцион механизмин киргизүүгө, жумуш орундарын түзүүгө, алыскы аймактардагы жакырчылыкты азайтууга жана жаңы технологияларды киргизүү аркылуу адистердин квалификациясын арттырууга багытталган. Энергиянын кайра жаралуучу булактарынын субъекттеринин санынын көбөйүшү жана өндүрүш кубаттуулугунун өсүшү айлана-чөйрөгө болгон терс таасирди азайтат жана экономиканын өсүшүнө шарт түзөт.

**УЧУРДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЛПЫСЫНАН ЭНЕРГИЯНЫН КАЙРА ЖАРАЛУУЧУ БУЛАКТАРЫНЫН 45 СУБЪЕКТИ ӨЗ ИШИН ЖҮРГҮЗҮП, АЛАР ӨНДҮРГӨН ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫ МАМЛЕКЕТТИК ЭЛЕКТР ТАРМАКТАРЫНА САТЫЛУУДА:**

- Чүй облусунда энергиянын кайра жаралуучу булактарынын 22 субъекти, анын ичинен – 17 чакан ГЭС, 5 күн электр станциялары;
- Ош облусунда – 8 чакан ГЭС;
- Ысык-Көл облусунда – 5 чакан ГЭС;
- Жалал-Абад облусунда – 4 чакан ГЭС;
- Талас облусунда – 1 чакан ГЭС;
- Баткен облусунда – энергиянын кайра жаралуучу булактарынын 5 субъекти, анын ичинен 4 чакан ГЭС, 1 күн электр станциясы иштеп жатат.

Жогоруда аталган чакан ГЭСтердин жалпы кубаттуулугу 130,6 мегаватты, ал эми күн электр станцияларынын кубаттуулугу 0,43 мегаватты түзөт.

Энергиянын кайра жаралуучу булактарынын аталган субъекттери 2023-жылы жалпысынан 190,9 млн кВт/саат, ал эми 2024-жылы 339,8 млн кВт/саат электр энергиясын иштеп чыгып, улуттук электр тармагына берген.



*Жогорку Кеңеш 2024-жылдын 11-сентябрында кабыл алган. Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылдын 13-сентябрында кол койгон.

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

# «ТАМЧЫ» АТАЙЫН ФИНАНСЫЛЫК ИНВЕСТИЦИЯЛЫК АЙМАГЫ ЖӨНҮНДӨ

Туризмдин тез арада өнүгүшү дүйнө өлкөлөрүнүн ортосундагы саясий, экономикалык, илимий жана маданий байланыштарды кеңейтүүдө. Экономикалык көз карашта, туризм – бул туристтерди материалдык жактан камсыз кылууга, тейлөөгө жана ар кандай кызматтарды көрсөтүүгө багытталган өзүнчө негизги тармак. Кыргыз элинин бермети – Ысык-Көл жайгашкан Ысык-Көл облусунун рекреациялык потенциалын экономикалык тармактын аймакка чоң киреше алып келүүчү бөлүгү десек болот. Себеби, географиялык көз караштан алганда, аймакта жайгашкан табигый ландшафттар рекреациялык өнүгүү үчүн жагымдуу жана ыңгайлуу шарттарды түзөт. Аймакта рекреациялык ресурстардын бир нече түрлөрү жайгашкан.

Туризм тармагын өнүктүрүү өлкөбүздүн экономикасына киреше алып келүүчү гана маанилүү тармак болуп саналбастан, калктын социалдык көйгөйлөрүн чечүүгө да өбөлгө түзөрүн эске алуу менен Жогорку Кеңеш тарабынан **«Өзгөчө укуктук режимдеги жана статустагы «Тамчы» атайын финансылык инвестициялык аймагы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*** кабыл алынды.

«Тамчы» атайын финансылык инвестициялык аймагы ички жана тышкы инвестицияларды тартууга, инвестициялык климатты жакшыртууга жана өндүрүш, туризм, курорттук тейлөө сыяктуу экономиканын ар кандай тармактарын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүдөн тышкары, транспорттук инфратүзүмдү, энергетиканы, санариптик тармактарды жана логистиканы өнүктүрүүгө түрткү берет. Бул миңдеген жумуш орундарын түзүүгө, калктын кирешесин жана кесиптик деңгээлин жогорулатууга, технологияларды өнүктүрүүгө көмөкчү болот.

Аймак өзгөчө укуктук режимге ээ болуп, ишкердик иш үчүн жагымдуу шарттарды түзөт. Бул



*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 19-июнунда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 10-июлунда кол койгон.

режимге кирешеге салыктан жана мүлк салыгынан бошотуу, чет өлкөлүк кызматкерлер үчүн жеңилдетилген шарттар жана валюта операцияларынын эркиндиги сыяктуу салыктык жана укуктук жеңилдиктер кирет.
Анын негизги башкаруу органдары болуп байкоочу кеңеш, башкаруучу компания, каржылык жөнгө салуучу, талаш-тартыштарды чечүү боюнча эл аралык борбор жана каттоочу саналат. Бул органдар өз алдынча иш алып барышат.

Мындай моделдер дүйнөлүк тажрыйбада, мисалы: Дубай эл аралык каржы борборунда (DIFC) жана Астана эл аралык каржы борборунда (AIFC) ийгиликтүү колдонулуп келет.

Келечекте «Тамчы» атайын инвестициялык аймагы Улуттук өнүгүү стратегиясына интеграцияланган жана дүйнөлүк деңгээлде атаандашууга жөндөмдүү болгон экономикалык моделдин үлгүсү болот.

**АЙМАКТА ТӨМӨНКҮЛӨРГӨ УРУКСАТ БЕРИЛЕТ:-**

– инвестициялык, финансылык жана корпоративдик кызматтарды көрсөтүүгө;
– бардык категориядагы камсыздандыруу ишин жүзөгө ашырууга;
– баалуу металлдар, кагаздар, акциялар, облигациялар жана башка финансылык активдер менен соода жүргүзүүгө;
– казино, ошондой эле кумар жана оюн-зоок мекемелеринин ишине;
– туристтик агенттиктерди ачууга, иш-чараларды жана эс алуу кызматтарын уюштурууга;
– чет элдик валютаны эркин жүгүртүүгө;
– чет өлкөлүк жумушчуларды уруксат алуусуз тартууга.

Мындан тышкары, аталган аймакта өзгөчө визалык жана бажылык режим иштейт. Алсак, «Тамчы» атайын финансылык инвестициялык аймагында иш жүргүзгөн чет өлкөлүктөр жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү бул аймакка беш жылга чейин кирүү визасын алууга укуктуу.
«Тамчы» атайын финансылык инвестициялык аймагында өндүрүштүк жайлар, туристтик комплекстер жана башка объекттер жайгаштырылат, бул чет элдик коноктордун көп агымын кабыл алууга мүмкүндүк берет.



КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

# СУУ ТРАНСПОРТУ ЖӨНҮНДӨ



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАЛПЫ КАТТООДО ТУРГАН

**1492**

СУУ ТРАНСПОРТУ БАР

Кыргыз Республикасында суу транспорту мыйзамдык жактан эң аз жөнгө салынган транспорттун түрлөрүнүн бири болуп саналат. Бүгүнкү күнгө чейин жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук акт болбогондуктан, суу транспортунун ишин жөнгө салуучу жана контролдоочу эрежелер, жоболор, нускамалар, уставдар жана башка ченемдик укуктук актылар кабыл алынган эмес.

Ушундай мыйзамдагы боштуктун айынан бир катар олуттуу көйгөйлөр жаралып келген. Айрыкча суу транспорту аркылуу кызмат көрсөтүүнү пайдалангандардын, эс алуучулардын жана суу транспортуна ээлик кылуучу жарандардын коопсуздугу корголбой жаткандыгы өзгөчө тынчсыздануруга кириптер кылган жагдай эле. Бул көйгөйлөрдү чечүү максатында атайын мыйзам кабыл алуу зарылдыгы келип чыкты.

Ушундан улам, ички суу жолдорунда жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташууда коопсуздукту камсыз кылуу, калктын жана экономиканын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн зарыл шарттарды түзүү, ошондой эле суу транспорту тармагында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жана өлкөдө суу транспорту чөйрөсүндөгү мамилелерди тартипке салуу максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **«Ички суу транспорту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*** кабыл алынган.

Мыйзам ар түрдүү кемелерди каттоо жана техникалык көзөмөлдөө, жээк тилкелерин колдонуу, кемелердин жүрүү эрежелерин жана айлана-чөйрөнү коргоо тартибин так аныктайт. Мындан тышкары, туристтик багыттагы суу транспорту менен кызмат көрсөтүүдө да бул Мыйзамдын ролу чоң.

Аталган Мыйзам менен суу транспортунун бүтүндөй юридикалык, техникалык, социалдык жана экономикалык маселелери, ошондой эле сууда экологиялык жана техникалык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча маселелер жөнгө салынат.

Мындан тышкары, Мыйзам Кыргыз Республикасында жалпы каттоодо турган 1492 даана суу транспортунун, токтомо базалардын 11 даана суу транспорт каражаттарынын жана ошол жерде иш алып баруучу юридикалык жана жеке жактардын ишин иретке келтирет.

*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 12-февралында кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 3-апрелинде кол койгон.

# НОТАРИАТ ЖӨНҮНДӨ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында нотариалдык документтердин далилдөөчү күчкө ээ экендигин ырастоочу ченемдердин, калкка нотариалдык кызмат көрсөтүү үчүн зарыл болгон нотариустардын санын аныктоонун тартиби жөнүндө ченемдердин болуусу Эл аралык нотариат биргилигине кирүүнүн милдеттүү шарты болуп саналат.

Нотариалдык иш-аракеттерди квалификациялуу жана катасыз жүргүзүү үчүн юриспруденция жаатында атайын билим гана эмес, нотариалдык кеңселерде практикалык окутуу дагы талап кылынат. Бул багытта юридикалык кесиптин деңгээлин жогорулатуу жана стажировкадан өтүүнү күчөтүү маанилүү болуп саналат.

Жогоруда белгиленген талаптарды эске алып, Жогорку Кеңеш тарабынан **«Нотариат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*** кабыл алынды.

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДА ТӨМӨНКҮЛӨР КАРАЛГАН:
– «нотариалдык акт» терминининин аныктамасы;
– нотариалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу;
– нотариустардын санын рационалдуу жөнгө салуу жана нотариалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;
– нотариалдык иш-аракеттердин тизмегин кеңейтүү жана укуктук тактыкты камсыз кылуу.

**НОТАРИУСТАРДЫН САНЫНЫН ЧЕГИ НОТАРИАЛДЫК ОКРУГДАГЫ КАЛКТЫН САНЫНА ЖАНА ЖЫШТЫГЫНА ЖАРАША АНЫКТАЛАТ:**

**А.** республикалык маанидеги шаарлардын чек арасында белгиленген нотариалдык округдарда — 5 000 адамга 1 нотариус

**Б.** облустук жана райондук маанидеги шаарлардын чек арасында белгиленген нотариалдык округдарда — 10 000 адамга 1 нотариус

**В.** райондордун чек арасында белгиленген нотариалдык округдарда — 15 000 адамга 1 нотариус

**Нотариалдык акт** – нотариус тарабынан ырасталган, берилген же күбөлөндүрүлгөн жана нотариалдык иш-аракеттердин реестринде катталган, ал эми мыйзамда белгиленген учурларда – Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын же чет өлкөлөрдөгү мекемелеринин ыйгарым укуктуу кызмат адамдары тарабынан ырасталган, берилген же күбөлөндүрүлгөн документ.



*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 25-июнунда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 30-июлунда кол койгон.



# КОРРУПЦИЯГА ЖОЛ ЖОК!

Дүйнө жүзү боюнча коррупция улуттук коопсуздукка жана туруктуулукка коркунуч келтирип, экономикалык өсүшкө тоскоол болот, демократияга жана адам укуктарына доо кетирип, мамлекеттик институттарга болгон ишенимди жок кылат, ошондой эле эл аралык кылмыштуулукка өбөлгө түзүп, мамлекеттик жана жеке ресурстарды сыртка качырат.

Жогорку Кеңеш кабыл алган **«Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*** мамлекеттик органдардагы коррупциялык көрүнүштөрдү жоюуга, ошондой эле коррупциялык кылмыштарды жасагандыгы үчүн жазаны тактоо, күчөтүү жана чектөөлөрдү белгилөө аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштардын алдын алууга натыйжалуу чара көрүүгө багытталган.

Аталган Мыйзам коррупционерлерге жана алардын жакындарына карата катаал чараларды, анын ичинде мамлекеттик кызматта иштөөгө өмүр бою тыюу салуучу ченемдерди камтыйт.

**АТАП АЙТКАНДА:**

– жубайы же жакын тууганлары белгиленген тартипте оор же өзгөчө оор кылмыш жасоого күнөөлүү деп таанылган, же болбосо ага (талапкерге) карата кылмыш-жаза иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча токтотулган учурда аскердик кызматка, укук коргоо органдарына же сот аткаруучулардын бөлүмдөрүнө кабыл алуудан баш тартуу;

– коррупциялык кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлүү адамдарга мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөөгө милдеттүү түрдө жана өмүр бою тыюу салуу;

– коррупциялык кылмыш жасагандыгы үчүн айып пулдарды жокко чыгаруу;

– коррупциялык кылмыш жасаган адамдарга күнөөсүн моюнга алуу жана материалдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө келишим түзүүдө эркинен ажыратуу түрүндөгү жазанын эң төмөнкү мөөнөтүнүн кеминде жарымын дайындоо.

*Жогорку Кеңеш 2024-жылдын 25-декабрында кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылдын 31-декабрында кол койгон.

# КИБЕРКООПСУЗДУК

Акыркы жылдары өлкө аймагында интернет аркылуу банктын атынан жарандарга кайрылып, төмөнкүдөй мыйзамсыз аракеттерди жасагандардын саны кескин көбөйгөн:

– алдамчылык менен банк эсебиндеги акчасын уурдоо;

– онлайн кредит боюнча алынган акчаларды башка эсептерге которуп кетүү (фишинг, фейк байланыш даректери, социалдык инженерия);

– банк эсебин «ижарага» берүү же сатуу фактылары – «дроппер» схемалары;

– эл аралык алдамчылар тарабынан Кыргызстандын жарандарынын эсептери аркылуу акчаны адалдоо.

Бул көрүнүштөр калктын финансылык туруктуулугуна жана күнүмдүк жашоосуна эбегейсиз чоң зыян келтирүүдө.

Ошол эле учурда, интернеттин активдүү колдонуучуларынын санынын өсүшү менен киберкылмыштуулуктун саны дагы пропорционалдуу өсүп жатат.

Ушундан улам, жарандардын жана юридикалык жактардын банктык жана электрондук каржылык коопсуздугун камсыз кылуу, санариптик финансы чөйрөсүндө алдамчылык фактыларын азайтуу жана жаңы түрдөгү кылмыштарга каршы күрөшүү максатында кылмыш-жаза жоопкерчилигин күчөтүүнү караган **«Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*** Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган.

Кабыл алынган Мыйзам интернет, жаңы технологияларды колдонуу менен ишке ашырылган финансы чөйрөсүндөгү алдамчылык аракеттерге, анын ичинде «дроппердик» схемаларына катышкан адамдарды кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн укуктук негиздерди аныктайт жана жарандарды кылмыштуу схемаларга жапырт тартуунун алдын алууга мүмкүндүк берүүчү атайын механизмдерди түзөт.

Ушуга байланыштуу, Кылмыш-жаза кодексине өзүнүн банктык картасын, эсебин, электрондук капчыгын, мобилдик банкингин, SIM-картасын же башка финансылык реквизиттерин үчүнчү жактарга берүү, ошондой эле үчүнчү жактардын көрсөтмөсү боюнча жана алардын кызыкчылыктарында төлөмдүн электрондук каражаттарын пайдалануу менен укукка каршы финансылык операцияларды жүргүзүү аркылуу алдамчылык схемаларга катышкан адамдардын кылмыш жоопкерчилигин караган жаңы берене киргизилген (209-1-берене. Электрондук төлөм каражаттарын, виртуалдык актив капчыгын жана SIM-карталарды үчүнчү жактарга атайылап берүү же сатуу).




*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 25-июнунда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 18-июлунда кол койгон.

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

# ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жол-жоболорун өркүндөтүү, саясий коррупцияга каршы күрөшүү жана учурдагы шайлоо системасынын кемчиликтерин жоюу, жарандардын эл өкүлдөрүнө болгон ишенимин жогорулатуу максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы*** кабыл алынган.

Бул конституциялык Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин – мамлекеттин жогорку өкүлчүлүктүү органын жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү аркылуу түзүүнүн жаңы механизмдерин караштырат, алсак:

- Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн 30 көп мандаттуу шайлоо округу түзүлөт, алардын ар биринен 3 депутат шайланат;
- Жогорку Кеңештин 90 депутаты мажоритардык тутум боюнча көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайланат;
- саясий партиялардан көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү көп мандаттуу шайлоо округдарынын тизмеси расмий жарыяланган күндөн тартып башталат жана добуш берүү күнүнө чейин 45 календардык күн калганда аяктайт;
- көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде талапкерлерди көрсөтүү шайлоо округдарынын тизмеси расмий жарыяланган күндөн тартып башталат жана добуш берүү күнүнө чейин 45 календардык күн калганда аяктайт;
- көп мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланган болуп тиешелүү аймактык шайлоо округунун добуш берүүгө катышкан шайлоочуларынын эң көп сандагы добушун алган 3 талапкер таанылат;
- тиешелүү шайлоо округдарында чыгып кеткендердин ордуна көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо өткөрүлбөйт. Жогорку Кеңештин депутаты чыгып кеткен учурда депутаттык мандат тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округунда добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көпчүлүк санын алган ошол эле жыныстагы шайланган депутаттардан кийинки талапкерге өткөрүп берүү механизимдерин караштырат.

Ошондой эле, конституциялык Мыйзамга ылайык, 30 депутаттык мандат аялдардын квотасына таандык болот жана тиешелүү шайлоо округдарында катталган аял талапкерлердин ичинен шайлоочулардын эң көп сандагы добушун алган аял талапкерлер көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча аялдардын квотасы менен шайланды деп эсептелет.

Кабыл алынган конституциялык Мыйзамдын алкагында «шайлоо күрөөсү» деген сөздөр «шайлоо төгүмү» деген сөздөргө алмаштырылып, ал 300 миң сомду түзөт. Аталган төгүм республикалык бюджетке которулуп, кайра кайтарылбай турганын белгилей кетүү керек.

Мындан ары шайлоо өткөрүүдө аралыктан, электрондук добуш берүү колдонулушу мүмкүн. Аралыктан, электрондук добуш берүүнү өткөрүү жөнүндө чечим шайлоо даярдалганда кабыл алынат.



*Жогорку Кеңеш 2025-жылдын 30-апрелинде кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 9-июнунда кол койгон.

**ОНЛАЙН ИДЕНТИФИКАЦИЯЛОО** – добуш берүү күнү катталган жерине карабастан, шайлоочуну анын жеке жана биометрикалык маалыматтары боюнча идентификациялоо;

**ОФФЛАЙН ИДЕНТИФИКАЦИЯЛОО** – катталган жери боюнча шайлоо участогунда добуш берүү күнү болгон шайлоочуну анын жеке жана биометрикалык маалыматтары боюнча идентификациялоо;

**АРАЛЫКТАН ДОБУШ БЕРҮҮ** – шайлоочунун катталган жерине карабастан, шайлоо участогунда электрондук жана (же) кагаз түрүндөгү шайлоо бюллетенин жана электрондук тутумда добуш берүү маалыматтарынын автоматтык жыйнагын пайдалануу менен добуш берүү;

**ЭЛЕКТРОНДУК ДОБУШ БЕРҮҮ** – электрондук шайлоо бюллетенин жана электрондук тутумдагы добуш берүүнүн маалыматтарынын автоматтык жыйындысын пайдалануу менен шайлоо участогунан тышкары добуш берүү;

**ЭЛЕКТРОНДУК ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНИ** – аралыктан, электрондук добуш берүүнү өткөрүүдө колдонулуучу, программалык-техникалык каражаттар менен электрондук түрдө даярдалган бюллетень.



## МЫЙЗАМДАРДЫН ЖАНА ТОКТОМДОРДУН АТКАРЫЛЫШЫН КОНТРОЛДОО

| Мыйзамдар | Токтомдор | |
|---|---|---|
| - | 5 | Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет |
| - | 5 | Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет |
| - | 4 | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет |
| - | 12 | Социалдык саясат боюнча комитет |
| 7 | 4 | Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет |
| - | 7 | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет |
| - | 7 | Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет |
| 1 | 1 | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет |

| Отчеттор  менен баяндамалардын түрү | Угуулардын жыйынтыгы |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы берген 2023-жылга карата  жылдык баяндамасы | КР ЖКнын 2024-ж. 24-октябрындагы № 2479-VII токтому менен баяндама эске алынды. |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы кароого киргизген Кыргыз Республикасынын 2023-жыл үчүн республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет | КР ЖКнын 2024-ж. 14-ноябрындагы № 2525-VII токтому менен отчет  бекитилди жана канааттандырарлык деп таанылды. |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан киргизилген  Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жыл үчүн бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчету. | КР ЖКнын 2024-ж. 27-ноябрындагы № 2570 токтому менен  отчет бекитилди. |
| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан киргизилген  Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2023-жыл үчүн бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчету | КР ЖКнын 2024-ж. 27-ноябрындагы № 2573 токтому менен  отчет бекитилди. |
| «Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө мыйзамдардын таасири жөнүндө (2021-2024-жылдар аралыгында кабыл алынган мыйзамдар боюнча)» Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын союзунун директорунун баяндамасы | КР ЖКнын 2024-ж. 25-декабрындагы № 2692-VII токтому менен баяндама эске алынды. |
| Кыргыз Республикасында мыйзамдуулуктун абалы жана аны чыңдоо боюнча прокуратура органдары тарабынан 2024-жылы аткарылган иштер жөнүндө Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун отчету | КР ЖКнын 2025-ж. 16-апрелиндеги № 2994-VII токтому менен отчет бекитилди жана канааттандырарлык деп таанылды. |
| Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2024-жылдагы иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын отчету | КР ЖКнын 2025-ж. 19-июнундагы № 3189-VII токтому менен отчет канаттаандырарлык деп таанылды. |
| Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдагы иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын отчету | КР ЖКнын 2025-ж. 19-июнундагы № 3190-VII токтому менен отчет канааттандырарлык деп таанылды. |

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫГЫ

- Австрия Республикасы - 3
- Азербайжан Республикасы - 5
- Албания - 1
- Америка Кошмо Штаттары - 1
- Бельгия - 1
- Босния жана Герцеговина - 1
- Венесуэла - 1
- Вьетнам - 1
- Индонезия - 1
- Ирландия - 1
- Италия - 1
- Казакстан Республикасы - 3
- Камбоджа - 1
- Корея Республикасы - 1
- Кытай Эл Республикасы - 9
- Непал - 1
- Өзбекстан Республикасы - 3
- Россия Федерациясы - 5
- Түркия Республикасы - 1
- Түркмөнстан - 2
- Улуу Британия - 1
- Финляндия - 1
- Франция - 3
- Швейцария - 1
- Япония - 2

### Жогорку Кеңештин депутаттарынын чет өлкөлөргө болгон иш сапарлары

- Ата-Журт Кыргызстан - **26**
- Ишеним - **17**
- Ынтымак - **9**
- Альянс - **17**
- Бүтүн Кыргызстан - **10**
- Ыйман Нуру - **12**
- Мекенчил - **20**
- Элдик - **11**
- Депутаттар* - **6**

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ДЕЛЕГАЦИЯЛАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУЛАРЫ

**5** Чет өлкөлүк мамлекет жана өкмөт башчылары

**3** Парламенттин спикерлери

**2** Башка делегациялар

**11** Чет мамлекеттин элчилери

**3** Эл аралык уюмдун өкүлдөрү

**4** Чет өлкөлүк парламенттердин депутаттары

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК УЮМДАР МЕНЕН КЫЗМАТТАШТЫГЫ

| Уюм | Саны |
|---|---|
| Азия Парламенттик Ассамблеясы (АРА) | 1 |
| Азиянын суу боюнча Парламенттер аралык консультациялык кеңеши (AAWC) | 2 |
| ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясы (ЕККУ ПА) | 7 |
| Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясы (ЕКПА) | 3 |
| Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы (ТүркПА) | 10 |
| КМШ Парламенттер аралык Ассамблеясы (КМШ ПАА) | 18 |
| Жамааттык коопсуздук келишим уюмунун Парламенттик Ассамблеясы (ЖККУ ПА) | 11 |
| Ислам кызматташтык уюмунун Парламенттик Ассамблеясы (ИКУ ПА) | 1 |
| Парламенттер аралык союз | 4 |



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БОЛУП ӨТКӨН ИШ-ЧАРАЛАР

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

Казакстан Республикасынын Парламентинин Мажилисинин Төрагасы Ерлан Кошановдун Кыргыз Республикасына расмий сапары
2024-жылдын 31-октябры

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

Россия Федерациясынын Федералдык Жыйынынын Мамлекеттик Думасынын Төрагасы Владимир Володиндин расмий сапары
2025-жылдын 18-19-майы

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

Түркия Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы Нуман Куртулмуштун Кыргыз Республикасына расмий сапары
2025-жылдын 27-29-апрели

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

Кытай Эл Республикасынын Бүткүл Кытай Эл өкүлдөр жыйынынын Туруктуу комитетинин Төрагасы Чжао Лэцзинин расмий сапары
2025-жылдын 23-24-июлу

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН РАСМИЙ ЖАНА ЖУМУШЧУ САПАРЛАРЫ

### КЫТАЙ ЭЛ РЕСПУБЛИКАСЫ

Жогорку Кеңештин Төрагасынын Кытай Эл Республикасына болгон расмий сапары

Пекин ш., 2024-жылдын 13-15-сентябры



### ТҮРКМӨНСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ

Жогорку Кеңештин Төрагасынын Түркмөнстан Республикасына расмий сапары


Ашхабад ш., 2024-жылдын 14-15-октябры



### АРМЕНИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ

Жогорку Кеңештин Төрагасынын Армения Республикасына расмий сапары

Ереван ш., 2025-жылдын 25-27-майы



## ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын Борбордук Азия мамлекеттеринин Экинчи парламенттер аралык форумуна катышуусу боюнча жумушчу сапары**

Хива ш., 2024-жылдын 12-13-сентябры

## ТАЖИКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын «Тажикстан Республикасынын Конституциясынын 30 жылдыгы» аттуу эл аралык парламенттер аралык конференциясына катышуусу боюнча жумушчу сапары**

Ашхабад ш., 2024-жылдын 10-11-октябры

## РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын Көз карандысыздык мамлекеттердин шериктештигинин (КМШ) Парламенттер аралык Ассамблеясынын кезектеги жыйындарына катышуусу боюнча жумушчу сапары**

Санкт-Петербург ш., 2024-жылдын 21-22-ноябры жана 2025-жылдын 17-18-апрели

## РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим уюмунун Парламенттик Ассамблеясынын кеңешинин (ЖККУ ПАнын) жыйындарына катышуу үчүн жумушчу сапары**

Москва ш., 2024-жылдын, 8-9-декабры

## ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын Парламенттер аралык бирликтин кезектеги жыйындарына катышуусу боюнча жумушчу сапары**

Ташкент ш., 2025-жылдын, 6-7-апрели

## КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын Түрк мамлекеттердин парламенттик ассамблеясынын (ТүркПА) Кеңешине жана 14-пленардык жыйынына катышуусу боюнча жумушчу сапары**

Астана ш., 2025-жылдын 12-июну

## ПОРТУГАЛИЯ

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын ЕККУ ПАнын 32-ар жылдык сессиясына катышуусу боюнча жумушчу сапары**

Порту ш., 2025-жылдын 29-июнунан 3-июлуна чейин



## КОНСУЛЬТАТИВДИК КЕҢЕШТЕРДИН ИШИ

# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ (ТӨМ)

Кыргыз Республикасы 2030-жылга чейинки мезгилде экономикалык өнүгүүгө, курчап турган чөйрөнү коргоого жана социалдык бакубаттуулукка багытталган туруктуу өнүгүү жаатындагы БУУнун 17 максатын (ТӨМ)* жүзөгө ашырууну жактайт.

### ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА КАРАШТУУ АЯЛДАРДЫН, БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК БОЮНЧА КЕҢЕШ

**МАКСАТЫ – АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫН КОРГОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЧАРАЛАРДЫ ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮЛӨРДҮ КООРДИНАЦИЯЛОО.**

МИЛДЕТТЕРИ:

- аялдардын жана балдардын укуктарын камсыз кылуу үчүн мыйзамдык базаны өркүндөтүү;
- улуттук саясатка гендердик мамилелерди жана баланын эң мыкты кызыкчылыктарынын принциптерин киргизүү;
- мамлекеттик органдар тарабынан аялдардын, балдардын укуктарын коргоо жана гендердик теңдик жаатындагы Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткаруу;
- үй-бүлөлүк зомбулукту болтурбоо жана эмгектенүүдө жеке жашоонун кол тийбестигин сактоо;
- аялдардын укуктары, гендердик теңдик жана балдардын укуктары маселелери боюнча Жогорку Кеңештин мамлекеттик органдар, жарандык коом, эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү.

**СЕССИЯ МЕЗГИЛИНИН ИЧИНДЕ:**

- **9 жыйналыш өткөрүлдү;**
- **2 мыйзам долбоору иштелип чыкты;**
- **10 конференция, тегерек стол, семинар ж.б. өткөрүлдү;**
- **1 эл аралык жолугушуу өткөрүлдү.**

### ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН АЙЫМ ДЕПУТАТТАРЫНЫН ФОРУМУ

**МАКСАТЫ – АЯЛДАРДЫН САЯСАТКА КАТЫШУУСУН ИЛГЕРИЛЕТҮҮ.**

МИЛДЕТТЕРИ:

- аялдардын жана эркектердин саясатка катышуудагы тең укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу;

- гендердик басмырлоого жол бербөө;
- аялдардын саясий чечимдерди кабыл алууга катышуусун жогорулатуу;
- аялдарга, үй-бүлөгө, балдарга, ДМЧАга, этностук топторго ж.б. тийиштүү маселелерде биргелешкен көз караштты иштеп чыгуу;
- саясатта жана мамлекеттик башкаруу системасында аялдардын укуктары менен  кызыкчылыктарын илгерилетүүгө жана колдоого көмөктөшүү.

**СЕССИЯ МЕЗГИЛИНИН ИЧИНДЕ:**

- **4  мыйзам долбооруна сунуштар берилди;**
- **7 мыйзам долбоору демилгеленди;**
- **16 конференция, тегерек стол, семинар ж.б. өткөрүлдү;**
- **89 кайрылуу/кат каралды.**

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА КАРАШТУУ КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮ ШАРТТАРЫНДА ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА КЕҢЕШ

**МАКСАТЫ – ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН МАКСАТТАРЫНА ЖЕТИШҮҮГӨ КОНТРОЛДУК ЖҮРГҮЗҮҮ ҮЧҮН АЯНТЧА ТҮЗҮҮ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КАЙТАЛАНГЫС ЭКОЛОГИЯЛЫК СИСТЕМАСЫН САКТООГО КӨМӨК КӨРСӨТҮҮ.**

МИЛДЕТТЕРИ:

- Кыргыз Республикасынын кайталангыс экологиялык системасын сактоо жана туруктуу өнүктүрүү, калктын экономикалык жана социалдык бакубаттуулугун камсыз кылуу боюнча сунуштарды даярдоо;
- мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, экологиялык жана экономикалык өнүктүрүү жаатындагы кызыкдар уюмдардын иштерине көмөк көрсөтүү;
- экологиялык-экономикалык кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- иш менен камсыздоо шарттарын түзүүгө жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо, туруктуу пайдалануу аркылуу айыл жергесинде ишкердикти өнүктүрүүнү камсыз кылууга көмөк көрсөтүү.

**СЕССИЯ МЕЗГИЛИНИН ИЧИНДЕ:**

- **1 жыйналыш өткөрүлдү;**
- **1 конференция, тегерек стол, семинар ж.б. өткөрүлдү;**
- **1 мыйзам долбоору даярдалды;**
- **1 меморандумга кол коюлду.**

# КОНСУЛЬТАТИВДИК КЕҢЕШТЕРДИН ИШИ

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА КАРАШТУУ МИГРАЦИЯ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА АДАМДАРДЫ САТУУГА КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮ БОЮНЧА КЕҢЕШ

**МАКСАТЫ – ЧЕТ ӨЛКӨДӨ ЖАШАГАН МЕКЕНДЕШТЕР МЕНЕН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН БАЙЛАНЫШЫН ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮН ЧЫҢДОО.**

МИЛДЕТТЕРИ:

- мекендештердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын колдоо, коргоо маселелери боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу;
- эл аралык уюмдар, мамлекеттик органдар, өкмөттүк эмес уюмдар, бирикмелер жана мекендештердин диаспоралары менен өз ара аракеттенүү;
- маданий, социалдык, билим берүү, гуманитардык, диний жана башка багыттардагы долбоорлорду колдоо;
- мекендештердин жашоо сапатын жогорулатуу боюнча диаспоралардын жана бирикмелердин күч-аракеттерин координациялоо;
- мекендештердин көйгөйлөрү тууралуу коомчулукка кабарлоо;   эмгек миграциясы чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу;
- жаштардын демилгелерин жана инвестициялык долбоорлорду колдоо.

**СЕССИЯ МЕЗГИЛИНИН ИЧИНДЕ:**

- **7 жыйналыш өткөрүлдү;**
- **13 конференция, тегерек стол, семинар ж.б. өткөрүлдү;**
- **1 мыйзам долбоору даярдалды;**
- **10 эл аралык жолугушуу өткөрүлдү;**
- **1 изилдөө жүргүзүлдү;**
- **1 меморандумга кол коюлду;**
- **2 жумушчу топ түзүлдү;**
- **10 кайрылуу келип түштү.**

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА КАРАШТУУ БИЗНЕСТИ ЖАНА ИШКЕРДИКТИ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА КЕҢЕШ

**МАКСАТЫ – ПАРЛАМЕНТ МЕНЕН БИЗНЕС КООМДОШТУГУНУН ОРТОСУНДАГЫ ТУРУКТУУ БАЙЛАНЫШТЫ КАМСЫЗ КЫЛУУ.**

МИЛДЕТТЕРИ:

- өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу  боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- мыйзамдарга мониторинг жүргүзүү жана мыйзам чыгаруу демилгелерин иликтөө;
- ишкердик иши жөнгө салуучу мыйзамдарга сунуштарды киргизүү;
- бизнести жүргүзүүдө мүмкүн болуучу тобокелдиктерди жана чакырыктарды аныктоо;
- бизнес чөйрөсүн жакшыртуу, өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жана бизнести илгерилетүү үчүн сунуштарды иштеп чыгуу.

**СЕССИЯ МЕЗГИЛИНИН ИЧИНДЕ:**

- **10 жыйналыш өткөрүлдү;**
- **3 конференция, тегерек стол, семинар ж.б. өткөрүлдү;**
- **7 мыйзам долбоору иштелип чыкты;**
- **4 жумушчу топ түзүлдү;**
- **22 кайрылуу каралды.**

## ИЗИЛДӨӨ БОРБОРУНУН ИШИ

**«ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ КАРАШТУУ ПАРЛАМЕНТТИ ЖАНА ДЕМОКРАТИЯНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ БОРБОРУ» МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕСИ**

**МАКСАТЫ – ПАРЛАМЕНТТИН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮҮСҮНӨ КӨМӨК КӨРСӨТҮҮ.**

МИЛДЕТТЕРИ:

- Жогорку Кеңештин стратегиялык документтерин иштеп чыгууга, ишке ашырууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого көмөк көрсөтүү;
- Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу;
- Кыргыз Республикасында парламентаризмди өнүктүрүү маселелери боюнча Жогорку Кеңешке маалыматтык, аналитикалык жана эксперттик колдоо көрсөтүү.

**СЕССИЯ МЕЗГИЛИНИН ИЧИНДЕ:**

- **6 изилдөө иши жүргүзүлдү;**
- **12 конференция, тегерек стол, семинар ж.б. өткөрүлдү;**
- **2 меморандумга кол коюлду:**
  - Корея Республикасынын Улуттук ассамблеясынын Илимий изилдөө кызматы (NARS );
  - Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы;
- **КР ЖКнын 2027-жылга чейин өнүгүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча:**
  - мониторинг жана баалоо системасы иштеп чыгарылды жана визулдаштырган жыйынтыктарын колдонуу башталды;
  - 9 жумушчу топтун отуруму өткөрүлдү.
- **юридикалык терминдердин сөздүгүн даярдоо боюнча эксперттик колдоо тартылды;**
- **электрондук китепкана жана изилдөө ресурсун түзүү боюнча техникалык колдоо тартылды жана эксперттик колдоо көрсөтүлдү;**
- **КР ЖКнын депутаттары жана кызматкерлери үчүн адаптациялык онлайн курстарын даярдоо боюнча колдоо тартылды;**
- **«Мыйзам» базасын түзүү боюнча эксперттик колдоо тартылды.**

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин**
**VII чакырылышынын**
**4-сессия мезгилиндеги**
**иши жөнүндө отчетун даярдоо боюнча**
**жумушчу топ**

| | |
|---|---|
| **Э.Р. Эшенкулова** | – Жогорку Кеңештин Аппарат Жетекчисинин биринчи орун басары, жумушчу топтун жетекчиси |
| **А.А. Джакшылыкова** | – Парламентти жана демократияны өнүктүрүү борборунун директору, жумушчу топтун жетекчисинин орун басары |
| **М. Орозобек уулу** | – Юридикалык бөлүмдүн сектор башчысы |
| **М.М. Нурматов** | – Экспертизаларды жүргүзүү бөлүмүнүн эксперти |
| **А.А. Жолдошов** | - Парламентти жана демократияны өнүктүрүү борборунун эксперти |
| **Н.И. Коновалов** | – Графикалык дизайнер |

Отчёт Кыргыз
Республикасындагы БУУӨПтүн
колдоосу менен даярдалды.

Бул басылмада берилген
ойлор Бириккен Улуттар
Уюмунун, Бириккен Улуттар
Уюмунун Өнүктүрүү
программасынын, анын
программаларынын/
долбоорлорунун же
өкмөттөрдүн көз караштарын
чагылдырууга тийиш эмес.

Колдонулган белгилөөлөр
кандайдыр бир өлкөнүн,
аймактын же региондун же
алардын чек араларынын
укуктук статусуна тийиштүү көз
караштарды билдирбейт.